# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АПРЕЛЬ 2016 | № 4 (53) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:


**Көңүл чордонунда**

Кыргызстанда Бүткүл дүйнөлүк финансылык сабаттуулук апталыгы ... 2

ЖӨБ органдарынын айкындуулук паспорту – бул ЖӨБ органына коррупция менен күрөшүүгө жана жергиликтүү жамаат алдында өз жоопкерчилигин күчөтүүгө жардам берген "жол картасы" ... 6

**ӨСИ жаңылыктары**

Айылдык ден соолук комитеттери жашоочуларды бюджеттер жана аларда ден соолук детерминанттарынын чагылдырылышы менен тааныштырышууда ... 15

Кызматтарды жакшыртуу үчүн Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын жергиликтүү бийлик органдары техникалык грант алышат ... 17

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

17 муниципалитет Швейцария Өкмөтүнөн грант алышты ... 18

**ЖӨБдүн финансысы**

2016-2019-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасында Бюджеттер аралык мамилелердин өнүгүү Концепциясы ... 22

2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү КОНЦЕПЦИЯСЫ ... 23

1. Ушул Концепциянын жалпы жоболору жана максаттары ... 23
2. Ушул Концепцияны кабыл алуунун өбөлгөлөрү ... 24
3. Жергиликтүү деңгээлде бюджеттер аралык мамилелерди жана бюджеттик процессти өнүктүрүүнүн негизги багыттары ... 25
4. Күтүлгөн натыйжалар ... 27
5. Ушул Концепцияны ишке ашыруунун механизмдери ... 27

**Мыйзамдардагы жаңылыктар**

Аксакалдар соту тууралуу ... 28

Салыктар тууралуу ... 28

Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын өнүктүрүүнүн 2026-жылга чейинки стратегиясы ... 29



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# Кыргызстанда Бүткүл дүйнөлүк финансылык сабаттуулук апталыгы

**Мээрим СЕЙИТОВА,** Өнүктүрүү саясат институту

Финансылык сабаттуулук – бул адамдын акчага байланыштуу ойлонулган жана жүйөлүү чечим кабыл алуу, кирешелерине жана чыгашаларына эсеп жүргүзүү, аларды туура колдоно билүү, өз келечегин узак жылдарга пландоо жана финансылык жоготууларга даяр болуу жөндөмдүүлүгү. Бүгүнкү күндө финансы дүйнөсү мурдагыга салыштырмалуу бир кыйла татаал болуп калды. Туура финансы билимине ээ болгон адамдар жеке финансылык коопсуздугун камсыздоого жол ачкан чечимдерди кабыл алып, өлкө экономикасына салым кошушууда. Бирок 2014-жылы Standard & Poor's агенттиги жүргүзгөн изилдөө көрсөткөндөй, кыргызстандыктардын 19% гана финансылык сабаттуулукка ээ. Бул болсо калктын 81% финансылык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүү эмес жана аларды баштапкы жана андан жогорку деңгээлдерде колдонгонду билбейт дегенди билдирет. КР Улуттук банкы да Кыргызстан калкынын финансылык сабаттуулук деңгээлин аныктоо боюнча социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, калктын үчтөн бир бөлүгү гана кирешелерине жана чыгашаларына эсеп жүргүзөт. Ал эми ар бир алтынчы жаран ай ичинде канча акча алып, анын канчасын кайда сарптаганы тууралуу көп жакшы билбейт. Жарандардын басымдуу бөлүгү болсо баштапкы финансы кызмат көрсөтүүлөрүн гана колдонот экен. Калк түрдүү финансы-насыя мекемелеринин кызмат көрсөтүүлөрүн колдонордон мурда алардын шарттарын салыштырбайт десек болот.

Финансылык сабаттуулук көйгөйү жалпы улуттук мааниге ээ болгонун эсепке алуу менен, КР Улуттук банкы 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча Мамлекеттик программаны иштеп чыкты. Программа жаш муунда финансылык сабаттуулукту тарбиялоого, жеке финансыны колдонууда натыйжалуулукту жогорулатууга жана финансылык аспаптарды колдонуунун сапатын жакшыртууга багытталган.

Бул программа 2016-жылдын 18-мартында Кыргызстандагы Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгынын алкагында өткөн тегерек столдо талкуулан-

ды. Бул талкуу “Кошул. Акчаны акылдуулук менен чогулт!” ураанын алдында өттү. Акча апталыгы жыл сайын март айынын ортосунда дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө өтөт[1].




Калктын финансы жаатындагы маалымдуулугунун жакшы деңгээли өлкөдөгү социалдык жана экономикалык туруктуулукка көмөктөшөт. Ал эми финансылык сабаттуулуктун өсүшү керектөөчүлөрдүн насыялары боюнча төлөмдөрдү кечиктирүү тобокелчилигин азайтат. Бул тууралуу тегерек стол талкуусунда Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА айтты: “Ар бир ата-эне заманбап дүйнөдө коопсуздук көндүмдөрүнөн тышкары, балдарына финансы билимин да үйрөтүшү керек. Биз балдарыбызга тамактын алдында кол жууганды, жолдон туура өткөндү үйрөткөндөй эле, акчага туура мамиле жасаганды, аны акылдуулук менен колдонгонду, өзүнүн финансылык коопсуздугуна кам көргөндү да үйрөтүшүбүз керек. Атүгүл финансы билими болбосо, эч бир адам ийгиликке жете албайт. Ошондуктан жаш муун бала чагынан тарта финансыга карата өз укуктарын жана милдеттерин түшүнүп, финансылык максаттарды, өз өнүгүүсү үчүн максаттарды коюп, ошолорго кайсы ресурстардын эсебинен жете турганын баамдаганды билиш керек. Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгынын тапшырмалары – балдарда финансылык билимдин жоктугу маселесине көңүл бурдуруу. Бирок бир апта менен жашоо токтоп калбайт. Ошондуктан калктын, өзгөчө балдар менен жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу ар бир ата-эненин, ар бир үй-бүлөнүн жана албетте мамлекет менен коомдун күн сайын жасоочу иштери. Ушуну менен бирге мамлекеттин катышуусу да өтө маанилүү. Анткени расмий билим берүү системасы аркылуу гана бул көйгөйдү системалык деңгээлде чечсе болот. КР Улуттук банкынын жетекчилиги алдында Кыргызстанда өткөн Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгы маалыматтык жана тарбия берүүчү мүнөздө гана болгон жок. КР Улуттук банк иштеп чыккан калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча мамлекеттик программасынын долбоору талкуунун көркүн ачып, маанилүү окуя болуп калды. Эми ушул калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча мамлекеттик программа аркылуу бул көйгөйгө коомчулук гана көңүл бурбастан, мамлекеттин да камкордугу болот деген үмүт пайда болду. Бул документти Улуттук банк КР Өкмөтүнө эми гана киргизгени жатканына карабастан, азыртадан эле анын жалпы улуттук мааниси тууралуу бардык жерлерден кайра-кайра айта берүү зарыл. Бул программа финансылык сектордун ички тапшырмаларын гана эмес, Кыргыз Республикасында жашагандар жана болочок мууну тууралуу маселени да чечет”.

Балдардын жана жаштардын финансылык сабаттуулук маселеси борбор калаада гана эмес, ошондой эле өлкөнүн аймактарында да көтөрүлүп келет. Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгынын алкагында 200дөн ашуун акысыз билим берүүчү иш-чара өткөрүлдү. Ал иш-чараларга 16 000ге жакын киши – балдар жана жаштар катышты. Иш-чаранын катышуучулары туура финансылык жүрүм-турумдун негизги финансылык түшүнүктөрү жана принциптери менен тааныша алышты. Алар финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөрү катары учурдагы финансылык тобокелчиликтер жана өз укуктарын коргоо тууралуу маалымат алышты. Ошондой эле иш-чаранын катышуучулары өзүнүн алгачкы финансылык чечимдерин кабыл алууда эксперттерден сабаттуу кеп-кеңештерди алышты. Финансылык сабаттуулук калктын жалпы бакубат-

---

[1] Кыргызстанда Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгы 2016-жылдын 14-мартынан 20-мартка чейин өтүп, өлкөнүн бардык аймактарын камтыды. Жумушчу топтун курамына КР Улуттук банкы, Өнүктүрүү саясат институту, «ФИНКА Банк» ЖАК, “Бай-Түшүм” Банкы” ЖАК, Эл аралык финансы корпорациясы (IFC), “Кыргыз Инвестициялык-Насыя Банкы” ЖАК (KICB), Билим берүү демилгелерин колдоо фонду, “Оптима Банк” ААК, Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коому (GIZ), Бишкек Финансы-экономикалык академиясы, КР Финансы министрлигинин Окуу борбору, КР Депозиттерди коргоо боюнча агенттик, КР Жаштар саясаты, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттик, Кыргызстандын Банктар биримдиги, “Сенти” финансы компаниясы, Демилгелерди өнүктүрүү агенттиги, Борбор Азиядагы университет кирген.

Глобалдык өнөктүктүн демилгечиси – Child & Youth Finance International (CYFI) Катчылыгы. Өнөктүк өлкөдөгү балдардын жана жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга, аларга жеке финансыны кантип башкарып, кантип акчаны туура сарптап, инвестиция жасаш керектиги тууралуу маалымат берип, алардын көңүлүн финансы билими тууралуу жаш кезинен тарта ойлоно баштоо зарылчылыгына буруuга багытталган.




тыгы, демек өлкөнүн келечеги болгону баарына түшүнүктүү. Өлкөнүн финансылык системасын узак мөөнөткө сакайтуу үчүн балдардын жана жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуудан башташ керек. Мисалы, көпчүлүк аймактарда окуучуларда коммерциялык банктардын филиалдарына барып, алардын күнүмдүк иши менен таанышып чыгуу мүмкүнчүлүгү болду. Ал эми Улуттук банктын Нумизматикалык музейине барган окуучулар Кыргызстандын жана чет өлкөнүн азыркы жана тарыхый тыйындары, банкноттору тууралуу маалымат алышып, биринчи жолу күмүштөн, алтындан жана жезден жасалган коллекциялык тыйындарды көрүштү. Ошондой эле өлкөнүн бардык аймактарында финансылык сабаттуулук боюнча 100дөн ашуун лекциялар, тренингдер, консультациялар өткөрүлдү. Жолугушууларга салымдар, инвестициялар, банк карталары, продуктулар жана кызмат көрсөтүүлөр, заманбап дүйнөдө башталгыч финансы билимге ээ болуу канчалык маанилүү деген темалар козголду.

Апталыктагы кызыктуу жана эсте калган иш-чаралар: Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун финансылык колдоосу алдында “Жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга жарандардын реалдуу катышуусу” конкурсу; “Бай Түшүм” ЖАК, “Финка банк” ЖЧК жана “Кыргыз инвестициялык-насыя банкынын” финансылык колдоосу менен видеотасмалардын, дилбаяндардын жана сүрөттөрдүн конкурсу.

Конкурска үй-бүлөлүк бюджетке, күнүмдүк чыгымдарга акчага, финансылык керектөөлөргө жана өзүнүн финансы келечегине байланыштуу темаларга даярдалган эмгектер өлкөнүн бардык аймактарынан түштү. Үч конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнө өтө көп санда түшкөн табыштамалардын арасынан мыктыларын тандап алуу кыйын болду. Талкуулап, тартышып, ар бир ишти кунт коюп окуп чыгууга туура келди. Акыры мыктылар аныкталып, 2016-жылдын 23-мартында Гапар Айтиев атындагы Көркөм искусство музейинде өткөн Апталыктын расмий жабылышында жеңүүчүлөргө байгелер тапшырылды. Ушул эле күнү “Кошул. Акчаны акылдуулук менен чогулт!” аттуу балдар сүрөттөрүнүн көргөзмөсү ачылды[1].

2016-жылы финансылык апталыктын ишине биринчи жолу балдар үйүнүн жана интернаттардын тарбиялануучулары тартылганын белгилей кетүү зарыл. Жаштар үчүн чоң кишилердин жашоосуна өтүү адатта кыйын, ал эми балдар үйүндө жана интернаттарда өскөн балдар үчүн бул өзгөчө оор. Анткени финансы маселелерин чече билүү чоң эмгекти талап кылат. Алардын көңүлүн финансылык сабаттуулук темасына буруу максатында дилбаяндар конкурсу жарыяланды, жер-жерлерде лекциялар өткөрүлдү. Бул лекциялардан балдар жеке каражатты башкаруунун этаптары тууралуу маалыматтарды алышты. Алар киреше жана чыгаша деген эмне, аларды кантип башкарып, кантип пландап, келечек үчүн акчаны кантип чогултуп, эң негизгиси аларды канткенде үнөмдүү сарптаса болот деген суроолорго жооп алышты.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун финансылык колдоосу алдында аймактардагы мектептер менен иштер жүргүзүлдү. “Окуучулардын жана ата-энелердин мектеп бюджетин талкуулоого жана жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатууга катышуусу” конкурсунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту Ош, Жалал-Абад, Баткен, Ысык-Көл жана Чүй облустарынын жана Бишкек шаарынын 14 мектебинин дээрлик 7 миң окуучусун тарта алды. 2016-жылдын 14-мартынан 18-мартына чейин бардык мектеп-катышуучулар окуучулардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча викториналарды, ачык сабактарды, оюндарды, конкурстарды жана мектептердин окуучулар менен алардын ата-энелери алдында ачык-айкындуулук жана жоопкерчилик деңгээлин жогорулатуу максатында бюджеттик угууларды өткөрүштү (ар бир мектептен орточо 500дөн бала тартылды).

Мисалы, Баткен облусунун Лейлек районундагы “Андарак” орто мектебинде эки жылдан бери мектептин ачык-айкындуулук жана жоопкерчилик деңгээлин жогорулатуу максатында мектеп бюджети боюнча угуулар өтүп келет. Мектеп администрациясы угууларды ушул жылдын 14-мартында өткөрдү. Курамына ата-энелер, жогорку класстын окуучулары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү, мектептеги ата-энелер комиссиялары жана элеттик активисттер кирген катышуучулар 2015-2016-окуу жылына бюджеттик каражаттардын колдонулушу маселесин талкуулап, 2016-2017-окуу жылына бюджет долбоорун карап чыгышты. Угуулардын ар бир катышуучусунда акча каражаттары, ата-энелердин кошумча салымдары эмнеге сарпталып жатат деген суроо узатып, ачык жооп алуу мүмкүнчүлүгү болду. Мындан тышкары

[1] Сүрөттөр конкурсуна 400дөн ашуун эмгек түштү. Видеотасмалар конкурсуна болгону 19 тасма келди. Ар бир топто бир нече бала болгонуна карабастан дилбаяндар конкурсуна 60ка жакын эмгек түштү.



катышуучулар каражаттарды натыйжалуу колдонуу жана коомчулукту, анын ичинде ата-энелерди мектепти башкарууга жигердүү тартуу маселелерин талкуулашты. Анткени бюджеттик процессти ачык-айкын жүргүзүү ата-энелердин ишенимин арттырат эмеспи. Катышуучулар бюджеттик угууларды өткөрүү каржылоонун ачык-айкындуулугуна жана мектептердеги каражаттарды колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүп, мунун натыйжасында алардын балдарынын билимин жана мугалимдердин мотивациясын жакшыртарын белгилешти.

Апталыктын соңунда бардык мектептер өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу деталдуу отчетторду беришти. Анын негизинде курамына КР Билим берүү жана илим министрлигинин, КР Улуттук банкынын, Өнүктүрүү саясат институтунун жана “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун өкүлдөрү кирген конкурстук комиссия жеңүүчүлөрдү тандап алды. Алгачкы эки орун акыркы үч жылдан бери финансылык сабаттуулук темасы менен алектенип келген жана бардык иш-чараларды жогорку деңгээлде өткөргөн өнөктөш мектептерге ыйгарылды. Алар: Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы “Тамга” орто мектеби жана Баткен облусунун Лейлек районундагы “Андарак” орто мектеби. Ал эми үчүнчү орунду апталыкка биринчи жолу катышкан Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Р.Шаботоев атындагы орто мектеп алды. Бул мектеп өткөргөн иш-чаралар оригиналдуулугу менен айырмаланып, бир кыйла чоң аудиторияны камтый алды. Калган 11 мектеп наркы 8500 сомго чейинки шыктандыруучу байгелерди алышты:

- №77 орто мектеп, Ак-Өргө жаңы конушу, Бишкек шаары;
- А.Абдраимов атындагы №1 орто мектеби, Тогуз-Торо району, Жалал-Абад облусу;
- Т.Машрапов атындагы №34 орто мектеп, Өзгөн району, Ош облусу;
- Калча орто мектеби, Чүй району, Чүй облусу;
- Д.Дооронбеков атындагы орто мектеп, Сокулук району, Чүй облусу;
- Макаренко атындагы №1 орто мектеби, Базар-Коргон району, Жалал-Абад облусу;
- Т.Сатыбалдиев атындагы №7 орто мектеби, Тогуз-Торо району, Жалал-Абад облусу;
- Н.Рахманов атындагы орто мектеп, Сокулук району, Чүй облусу;
- К.Бобулов атындагы орто мектеп, Ноокат району, Ош облусу;
- Мектеп-гимназия-интернат, Баткен шаары, Баткен облусу;
- Манас атындагы №7 орто мектеби, Кара-Тектир айылы, Токтогул району, Жалал-Абад облусу.

Албетте бардык иш-чараларды өткөргөн мектеп кураторлору да көңүл сыртында калган жок. Алар Бүткүл дүйнөлүк акча апталыгы өнөктүгүн дагы да кеңири чагылдыруу жана көбүрөөк аудиторияны камтуу үчүн баннерлер, буклеттер, постерлер, футболкалар жана сертификаттар өңдүү алдын ала даярдалган промо-материалдарды колдонушту. M

# ЖӨБ органдарынын айкындуулук паспорту – бул ЖӨБ органына коррупция менен күрөшүүгө жана жергиликтүү жамаат алдында өз жопокерчилигин күчтөндүрүүгө жардам берген “жол картасы”

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,** ЖӨБдүн мыкты практикасы боюнча адис

2015-жылдын октябрынан тарта 2016-жылдын март айына чейин Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) “Жарандык катышуу” Фонду (ЖКФ) менен биргеликте иш алып барды. Бул Европа Биримдиги каржылаган “Жарандык коом жана ММК: Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун айкындуулугунун кепили” Долбоорунун[1] алкагында Кыргыз Республикасындагы Ханнс Зайдель Фондунун Өкүлчүлүгүнүн буюртмасы менен ишке ашты. Буюртма айкындуулук, отчеттуулук жана коррупцияга каршы туруу (АОКК) маселелери боюнча дараметти жогорулатуу жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү (айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, АӨ башчылары, жергиликтүү кеңештин депутаттары) жана жамааттын, жарандык коом уюмдарынын жана ММКнын өкүлдөрү үчүн ЖӨБОнун Айкындуулук паспортун киргизүү боюнча тренингдердин циклин өткөрүүдө камтылган.

[1] Долбоор Кыргызстандагы жарандык коомдун, массалык маалымат каражаттарынын жана ЖӨБ органдарынын айкындуулук, отчеттуулук жана бүтүндүгүн бекемдөө жолу менен институционалдык дараметин жогорулатуу максатын көздөйт. Долбоор Кыргызстанда ЖӨБдү өнүктүрүүгө, укуктук системаны бекемдөөгө, коррупция менен күрөшүүгө, ачык-айкындуулукту жана сөз эркиндигин камсыздоого көмөктөшөт. Ал эми булар болсо 2013-2017-ж.ж. КРнын туруктуу өнүгүүсүнүн Улуттук стратегиясынын негизги артыкчылыктары болуп эсептелет. Долбоордун тапшырмалары: укук үстөмдүгү маселелери боюнча коомчулуктун маалымдуулук деңгээлин жогорулатууга көмөктөшүү; 39 пилоттук муниципалитеттин чегиндеги элеттик райондордо маалыматка жеткиликтүүлүк; жарандык коом, жергиликтүү ММК, жарандар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда социалдык диалогду жана түйүндү түзүүгө көмөктөшүү.

## “Айкындуулук паспорту” деген эмне?

Айкындуулук паспорту (мындан ары – Паспорт) – бул ЖӨБ органынын айкындуулук, отчеттуулук жана коррупцияга каршы туруу принциптерин карманган деңгээлин өлчөгөн аспап. Паспорт көрсөткүчтөрдүн топтомун билдирет. Алардын болуп-болбогону айкындуулук, отчеттуулук жана коррупцияга каршы туруу деңгээлин аныктоого жардам берет. Көрсөткүчтөр топтому текшерүүчү баракча өңдүү. Аны толтуруу менен тышкы байкоочу же ЖӨБ органы өзү аталган принциптерге карата жергиликтүү өз алдынча башкаруунун абалын аныктай алат.

Айкындуулук паспорту – бул башкаруудагы айкындуулуктун, отчеттуулуктун жана коррупцияга каршы туруунун принциптерин сактоого карата учурдун талаптарын чагылдырган КРдагы мыйзамдар боюнча “гид”. Паспорт аталган принциптерди иш жүзүндө колдонуу боюнча ЖӨБ органдары үчүн баалоо аспабы да, усулдук колдонмо да болуп эсептелет.

Айкындуулук паспорту ЖӨБ органдарынын ай-



кындуулук, отчеттуулук жана коррупцияга каршы туруу принциптерин кармангандыгын тастыктаган "сапат белгиси" жана сертификат болуп эсептелет.

Паспортту биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу толтурат. Бул топ жамааттын, жарандык коом уюмдарынын, ММКнын жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнөн турат. Бул топту ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын 27-пунктунда сүрөттөлгөн тартип менен түзөт. Паспортту толтуруунун жыйынтыктары тууралуу отчетту БМжБ тобу тийиштүү муниципалитеттин жергиликтүү кеңешине берет. Жергиликтүү кеңеш баалоонун жыйынтыктарын карап чыгып, Паспортту күбөлөндүрөт. Бул чечим бардык жеткиликтүү каражаттар менен жарыяланып, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга – КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке (ЖӨБЭММА) же КР Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Союзуна толтурулган паспорт, БМжБ тобунун актысы, тастыктоочу материалдар жана кеңештин чечими менен кошо берилет.

Бул аспапты колдонуунун – Айкындуулук паспортун толтуруунун маанилүү жыйынтыгы – ЖӨБ органдарынын айкындуулукту, отчеттуулукту жана коррупция менен күрөштү күчтөндүрүүгө багытталган чаралары болуп эсептелет. Мындай чараларды колдонуунун зарылчылыгы жергиликтүү кеңештин чечиминде ЖӨБдүн аткаруучу органына тапшырма түрүндө чагылдырылган.

## Паспорттун көрсөткүчтөрүнүн структурасы

Текшерүүчү баракка киргизилген көрсөткүчтөрдүн топтому катары Паспорт ЖӨБ системасында төмөнкү принциптердин болуп-болбогонун тастыктайт:

***Айкындуулук жана маалыматка жеткиликтүүлук (АМЖ), төмөнкү чөйрөлөрдөгү 8 көрсөткүч:***

- жарандарга ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалымат берүү;
- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди түзүү;
- бюджеттик процесс;
- жарандардын суроо-талаптары жана кайрылууалары менен иштөө.

***Отчеттуулук жана жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу укуктарын ишке ашыруусу (ОКУ), төмөнкү чөйрөлөрдөгү 15 көрсөткүч:***

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине коомдук мониторинг жана баалоо;
- жамаат үчүн маанилүү чечимдерди кабыл алуу, ЖӨБ деңгээлинде мыйзам чыгаруу процесси;
- бюджеттик процесс;
- жамааттын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен пландоо.

***Коррупцияга каршы туруу (КК), төмөнкү чөйрөлөрдөгү 14 көрсөткүч:***

- муниципалдык менчикти жана жерди башкаруу;
- мамлекеттик сатып алуулар;
- кадрларды башкаруу.

## Программа жана көнүгүүлөр

"ЖӨБ органынын айкындуулук паспорту. ЖӨБ органынын жарандык коом жана жергиликтүү ММК менен өз ара аракеттенүүсү" темасына тренинг Кыргызстандын жети облусундагы 13 райондун 38 пилоттук айылдык аймагынын жана бир шаардык муниципалитетинин өкүлдөрү үчүн өткөрүлдү. Окууга катышкандардын жалпы саны 503 кишини түздү. Алардын ичинен 194ү – аялдар, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү – 269, жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү – 234. Тренингдин программасында бир райондун үч пилоттук



муниципалитетинин өкүлдөрү үчүн үч күндүк окуу каралган. Алгачкы эки күндө иштер эки топто өзүнчө жүргүзүлсө (ЖӨБО өкүлдөрү жана ЖКУ/ММК өкүлдөрү), үчүнчү күнү эки топ бир болуп бириктирилип, ал өз кезегинде үч айылдык аймак боюнча бөлүштүрүлдү.

Окуу методикасына ылайык, теория менен практикалык көнүгүүлөр бириктирилди. Бул болсо ЖӨБ органдарынын жана жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) өкүлдөрүнө ачык талкуу өткөрүп, карама-каршы пикирлерди билдирип, дал келбестиктерди аныктоого жардам берди. Ар бир катышуучу үчүн Паспорттун матрицасын өз-өзүнчө жана биргелешип, топ менен толтуруу айкындуулук, отчеттуулук жана коррупцияга каршы туруу (АОКК) жаатындагы каталарын жана кемчиликтерин таанууга, айрымдары үчүн ЖӨБ органдарынын ишинде АОКК принциптери бар болгонун билүүгө жол ачты.


Тренингдер циклинин жыйынтыгында, биринчиден, тренингдин катышуучулары АОККнын принциптери жана мыйзам чыгаруучулук негиздери тууралуу билим алышты. Экинчиден, катышуучулар ЖӨБОнун Айкындуулук паспортун өзүн-өзү баалоочу аспап катары колдонуу көндүмдөрүнө ээ болушту. Үчүнчүдөн, бардык 39 муниципалитет тең ЖӨБОнун Айкындуулук паспортун жайылтуу боюнча ЖӨБОнун, ЖКУнун, ММКнын биргелешкен пландарын жана коомдук угууларды даярдоонун жана өткөрүүнүн алкагында ЖӨБО ишиндеги маалыматтык ачыктыкты камсыздоо боюнча маалыматтык өнөктүктүн планын иштеп чыгышты. Бардык 39 муниципалитет боюнча алынган билимдердин деңгээли (тренингди өздөштүрүүсү) ЖӨБО тобунда орточо 31%, ЖКУ тобу боюнча 23% өстү.

Иштер абдан динамикалуу жүрдү, бардык катышуучулар тренинг өткөн үч күн бою жигердүү болушту, зарыл болгон актуалдуу маселелерди көтөрүп, кызуу талкуулар өттү, конструктивдүү диалог түзүлдү. Интерактивдүү усулду мүмкүн болушунча колдонуу менен окуу процессинде ар бир катышуучу талкууга катышып, пикирин билдире ала тургандай шарт түзүлдү. Тренингдин тематикасы жана мазмуну окуунун катышуучуларында кызыгууну жаратты. Тренингдин катышуучулары окуудан мөөнөтүнөн мурда кетип калбаганы муну тастыктап турат.


***1-таблица. Айкындуулук паспортундагы айрым көрсөткүчтөрдү жарыялоого берилген баага карата ЖӨБ менен жамаат ортосунда пикир келишпестиктер***

| Көрсөткүчтүн коду | Көрсөткүчтүн сүрөттөлүшү | Пикир келишпестиктердин саны |
|---|---|---|
| **Айкындуулук жана маалыматка жеткиликтүүлүк (АМЖ)** | | |
| АМЖ-2 | Жарандар ЖӨБ иши тууралуу улам жаңыланган маалыматка тикелей жана түздөн түз болбогон жеткиликтүүлүккө ээ | 8 |
| **Отчеттуулук жана жергиликтүү өз алдынча башкарууга жарандардын катышуу укугун ишке ашыруусу (ОКУ)** | | |
| ОКУ-2 | Жарандар өз баасын билдирүү мүмкүнчүлүгүн ишке ашырат | 6 |
| ОКУ-4 | Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу тартиби жергиликтүү керектөөлөрдү эсепке алат жана жергиликтүү актыда бекитилген | 6 |
| ОКУ-5 | Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын – жергиликтүү кеңештин иш тартиби тууралуу маалыматка ээ | 6 |
| ОКУ-8 | Жарандар жергиликтүү кеңештин депутаттарынын иши тууралуу билишет | 6 |
| ОКУ-9 | Жарандар өз сунуштарын жергиликтүү бюджеттин долбооруна кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ | 5 |
| ОКУ-14 | Жарандар жергиликтүү маанидеги тигил же бул маселелерди чечүүнүн жолдорун сунушташат | 5 |
| **Коррупцияга каршы туруу (КК)** | | |
| КК-2 | Жарандарга ЖӨБ менчигинде турган кыймылсыз мүлк объекттери тууралуу маалымат жеткиликтүү | 7 |
| КК-6 | Жарандарга жерлерди башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулар тууралуу маалымат жеткиликтүү | 5 |
| КК-7 | Жарандар ЖӨБ органдары өткөргөн конкурстардын жыйынтыктары тууралуу маалыматты www.zakupki.gov.kg порталынан алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ | 6 |
| КК-11 | Жарандар конкурстун катышуучулары тарабынан конкурстун сапатына жана аны өткөрүүнүн жол-жоболорун сактоого карата доомattар болгонун билишет | 4 |

*1-диаграмма. Паспортту өз алдынча толтуруу, ЖӨБдо паспорттогу көрсөткүчтөрдүн болгон үлүшү*




*2-диаграмма. Паспортту биргелешип толтуруу, ЖӨБдо паспорттогу көрсөткүчтөрдүн болгон үлүшү*




## "КР мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" Мыйзамдын 20-беренесин баалоо

Паспортту толтуруу боюнча практикалык көнүгүүлөрдөн тышкары "КР мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" Мыйзамдын 20-беренесине жамааттык баа берилди (муниципалитеттер боюнча). Жыйынтыктар көрсөткөндөй, 39 муниципалитет боюнча жарыяланган маалыматтын жалпы көлөмү орточо 46% түздү. Талкуу маалында ар бир ЖӨБ органы көпчүлүк ишин мыйзамдын 20-беренесинин негизинде жүргүзгөнү белгилүү болду. Бирок өз иши тууралуу маалыматты калкка өз убагында жана натыйжалуу жеткире албай жатканы көйгөйлүү маселе. Анткени АӨ имаратында маалыматты илип койгону менен, башка айылдын тургундары андан кабарсыз калууда. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өз кемчиликтерин моюнга алышты. Бирок башка жагдайларга даттанган муниципалитеттер да болду. Айталы, Ат-Башы районунда алыскы чек аралаш айылдык аймактарда радио орнотоюн дешкен. Бирок маморгандар мамлекеттик коопсуздукка коркунуч келет деген жүйө менен буга тыюу салышкан (чек аралаш аймактарда маалымат башка жакка чыгып кетиши ыктымал деп).

Талкуу маалында катышуучулар ЖӨБ органдарынын иши тууралуу тигил же бул маалыматты ачыкка чыгарууга карата ар кандай пикирлерин билдиришти. Мисалы, "Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзамдын 20-беренесинин негизинде маалыматтын 36 түрүнүн ар бири кайсы мезгилде маалыматтык тактада илинип турушу керектиги тууралуу бир дагы ченемдик укуктук актыда жазылган эмес. Мисалы, биз ишемби күнү маалыматты илип, дүйшөмбү күнү алып коё алабыз". Юристтердин айтымында, чындап эле мындай боштук болгондуктан өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы бар.

## Паспортту толтуруунун жалпы жыйынтыктары


Паспортту өз алдынча толтуруу ЖӨБ органдарынын АОКК принциптерин карманганын баалоодо айырмачылыктарды аныктоого жардам берди: адатта ЖӨБ органдарынын айкындуулукка карата өзүнө берген баасы жергиликтүү жамааттар тарабынан берилген баага салыштырмалуу жогорураак болот (1-диаграмма). Паспортту топ менен толтурууда үч бөлүм боюнча маалыматты ачыкка чыгаруунун көлөмү жеке иштердин көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу жогору болду. Бул болсо ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жергиликтүү жамааттын пикирине басым жасашы ыктымал, же муниципалитет өкүлдөрү иш жүзүндөгүгө караганда кырдаалды жакшыраак көрсөтүүгө умтулууда дегенди билдирет (2-диаграмма).

Паспорттун айрым көрсөткүчтөрү боюнча катышуучулардын пикирлери ар башка болду жана эки башка бааны (плюс/минус) берүү менен алар мунасага келе алышкан жок. Ушуну менен бирге ЖӨБО өкүлдөрү маалыматты жарыялаганын ырастаса, жергиликтүү жамаат четке какты. Катышуучулардын айтымында, пикир келишпестиктин негизги себептери төмөнкүлөр: маалыматтын көп түрү бар, бирок алар жарыяланган эмес; ошол маселеге тиешеси болгон кызыкдар адамдарга гана маалымат берилген; АК депутаттары өз ыйгарым укуктарын билишпейт; жергиликтүү жамааттын кайдыгерлиги байкалат. Паспорттогу өзгөчө көп пикир келишпестиктер жана талаштар чыккан негизги индикаторлор таблицада көрсөтүлдү.

Жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү өз пикирлерин ачык билдиргенден тышкары, пикир келишпестиктер болгон окуяга карата өз көз карашын айта алышты: "Эгерде маалымат калкка жеткиликтүү болбогон учурда анын болгону же болбогону тууралуу сөз жүргөндө иш жүзүндө баа бербейлиби: жок болсо жок, АӨ кызматкерлери муну жүрөгүнө жакын кабыл алышпасын жана биздин сынга терикпесин. Сын болбосо жана кырдаалга тең салмактуу баа берилбесе, анда өнүгүү да болбойт".

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү ачыкка чыгарыл-

***3-диаграмма. ЖӨБ органынын айкындуулук деңгээлин өзүн баалоодо адекваттуулугу (жамааттын пикирине салыштырмалуу жетишсиз баа бериши жана ашыкча баалоосу) пайыздар менен***




ган маалыматтын көлөмүн үч көрсөткүч (АМЖ, ОКУ, КК) боюнча көлөмүнө жамааттын пикирлерине салыштырмалуу ашыкча баа беришкен: 50% ашык – 1 ЖӨБО, 50% чейин – ЖӨБОнун көпчүлүгү. Ушул эле көрсөткүчтөрдү аз сандагы ЖӨБО гана жетиштүү баалаган эмес: 0-50%. Бул салыштыруу ЖӨБ органдарынын көпчүлүгү "Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" Мыйзамдын аткарылышына карата формалдуу мамиле жасай турганын билдирет. Өз ишин жетиштүү баалабаган ЖӨБ органдарын айта турган болсок, анда муну оң тенденция десек болот. Мында ЖӨБ органы өзүн сын көз менен карап, ишин реалдуу бааласа, ал эми жергиликтүү жамаат алардын муниципалитети башкаларга салыштырмалуу жакшыраак көрүнүшү үчүн жогорку баа берүү менен ЖӨБ органынын ишине ашыкча баалап, өз укуктарын аягына чейин билбегенин көрсөттү.

Отчеттуулук жана жарандардын ЖӨБго катышуу укугун ишке ашыруу (ОКУ) жана коррупцияга каршы туруу (КК) маселелери боюнча ЖӨБ органдарынын иши чектелүү (б.а., бул чөйрөдө иштер жетишсиз). Мындан улам бул принциптерди ашыкча баалоонун көлөмү "Айкындуулук жана маалыматка жеткиликтүүлүк" (АМЖ) принцибин ашыкча баалоонун көлөмүнө салыштырмалуу азыраак. Ал эми АМЖ принциби боюнча ЖӨБ органдары көбүрөөк иш жүргүзөт, мындан улам ашыкча баалоо да жогорураак.

Паспортту толтуруу боюнча практикалык көнүгүүлөр катышуучуларга ЖӨБ органдарынын ишиндеги оң жактарды жана кемчиликтерди так жана сабаттуу баалоо мүмкүнчүлүгүн берди. Дээрлик бардык тренингдерде катышуучулар төмөнкүлөрдү моюнуна алып, бир пикирге келишти: ЖӨБ органдары өз иши тууралуу маалыматты жайылтуу жана ачыкка чыгаруу чөйрөсүндө жетишсиз иш алып барат, ал эми калк зарыл болгон маалыматка көп деле кызыкпайт.

## Маалыматка жеткиликтүүлүк

Паспорттун индикаторлорунда эң жогорку көрсөткүчтөр ЖӨБ системасында "Айкындуулук жана маалыматка жеткиликтүүлүк" (АМЖ) принциби боюнча аныкталган (2-диаграмма). Ошого карабастан көйгөйлөр баары бир болгон. Практикалык көнүгүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча, маалыматтын көпчүлүк түрү айыл өкмөтүнүн имаратында папкалардын ичинде же маалымат такталарында гана болгону тастыкталган. Жарыяланууга тийиш болгон маалыматтын калган түрлөрү болсо коомдук иш-чараларда (чогулуштарда, коомдук угууларда, жергиликтүү кеңештин сессияларында, майрамдарда) калкка оозеки гана жеткирилип турган. Жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн айтымында, калктын басымдуу бөлүгү алар үчүн зарыл болгон маалыматты угуп, бирок документтин өзүн көрбөгөнүн айылда "оздон оозго өткөн радиого" көнүп калганы менен түшүндүрүшкөн. АӨнүн көпчүлүк кызматкерлери маалыматты тактага илип койсо да калк ага кызыкпай калганына даттанышкан. Ошондуктан тренерлер сөздөр бара-бара унутулуп калаарын, ал эми өз убагында илинген маалымат каалаган учурда жеткиликтүү болуп тураарын кайра-кайра эскертип жатышты. Жашоочулардын кызыгуусун пайда кы-

***4-диаграмма. ЖӨБ органынын өз айкындуулугун ашыкча баалоо деңгээли (Паспорттун бөлүмүндөгү алкактан алганда)***






*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР!” плакаттар сынагынын катышуучусу КОЗУБАЕВ Таалайбек*

лыш үчүн маалымат калкка зарыл жана түшүнүктүү болуш керек. Бул үчүн таблицалар, диаграммалар, сүрөттөр өңдүү инфографиканы колдонууга болот.

Айрым учурларда АМЖ индикаторлору боюнча жарандык коом уюмдарынын көрсөткүчтөрү ЖӨБ органдарынын баасынан ашып түшкөн. Талкуу маалында ЖКУнун көпчүлүк өкүлдөрү бааны ашыкча жогорулатканын моюнуна алышкан.

Тарифтик саясатты жарыялоого карата: катышуучулардын айтымында, тарифтер боюнча эсептөөлөрдү айыл өкмөтүнүн адистери жүзөгө ашырат. Бирок бул тарифтер маалымат тактасы аркылуу бардык эле жерде жарыялана бербейт. Ал эми тарифтик саясатка таасирин тийгизген факторлор жана тарифтерди жөнгө салуу тууралуу эч нерсе айтылбайт. Бул дээрлик бардык муниципалитеттерде калк үчүн таптакыр жабык тема. Себеби жөнөкөй – ЖӨБ органы бул маалыматты жарыялаш керектигин билбейт, ал эми калк мындан такыр эле кабарсыз.

Маалымдоонун түрдүү усулдарын колдонуу боюнча катышуучулардан ар кандай сунуштар түштү: ар бир айылда устундарга чоң үн күчөткүчтөрдү орнотуш керек; күн бою концерттер көрсөтүлгөн телевидение аркылуу андан көрө жаңы мыйзамдар, мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу пайдалуу маалыматты жайылтса болот; ар бир айыл өкмөттө маалыматты өз убагында бере турган жооптуу адис болсо, тартип да болот; маалыматты жайылтуу үчүн интернеттеги социалдык тармактарды колдонуу натыйжалуу болмок.

Айрым муниципалитеттердин өз сайты бар болгону кубандырат, бирок алар көп жаңыланбай турганы белгилүү болду. Окуулар катышуучуларды сайттардын үстүнөн иштөөгө шыктандырды.

Бирок “жылдыздар” да болбой койгон жок. Мисалы, Барскоон айылдык аймагында маалыматты жайылтуунун бир нече аспабы колдонулган. Алар: “Барскоон FM” жергиликтүү радиосу, мультимедиялык борбор, “Барскоон Ордо” гезити, үн күчөткүч системасы бар радио, интернет сайт, айыл боюнча беш маалымат тактасы. Жалпысынан тренингдин катышуучулары бүгүнкү күндө маалыматты ачыктоо үчүн маалымат тактасы жетишсиз экенин, заманбап технологияларды колдонуу зарыл болгонун, ошондуктан бардык муниципалитеттер өз сайтын иштеп чыгып, АӨ имаратынын аймагында Wi-Fi орнотушу керектигин белгилешти. Ошондо каалаган адам зарыл болгон маалыматты алуу үчүн АӨнүн сайтына же порталына кире алмак. Ошондой эле АӨ имаратынын аймагында же эл көп чогулган жерлерде электрондук табло орнотсо болот. Мындан тышкары калкка маалымат жеткирүүнүн башка заманбап технологияларын мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонууга болот.

## Жарандардын катышуусу

Талкуу маалында бардык коомдук иш-чаралар ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүгүнө жана фантазиясына жараша түрдүү ыкмалар менен өткөрүлө турганы белгилүү болду. Негизинен чогулуш-жыйындар, болгондо да стихиялуу түрдө жана алдын ала пландалбастан, мыйзамдардын талаптары сакталбастан өткөрүлүп келет. Катышуучулардын көбү коомдук угуулар өңдүү түшүнүк менен тааныш эмес.

Муниципалитеттерде ЖӨБдүн аткаруучу органынын ишине жана кызмат көрсөтүүнүн сапатына биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасы жок. Катышуучулардын дээрлик 90% эч качан БМжБ тобунун иши тууралуу уккан эмес. Катышуучулардын айтымында, көпчүлүк муниципалитеттерде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө баа берген баалоочу комиссиялар түзүлгөн. Көпчүлүк катышуучуларды БМжБ тобунун расмий статусу жана ишинин туруктуулугу, БМжБ тобунун мүчөлөрүнө жергиликтүү бюджеттен белгилүү бир өлчөмдө акчалай сыйакы бөлүп берүү мүмкүнчүлүгү тууралуу маселелер кызыктырды. Бирок бул мониторинг жана баалоонун идеясынын жана концепциясынын өзүнө шайкеш келбейт. Ага ылайык, жамаат мүчөлөрү БМжБ топторунда өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн иштешет жана бул биргелешкен мониторинг жана баалоо үчүн жетиштүү мотивация болууга тийиш.

Катышуучулардан БМжБ тобунун мүчөлөрүнө БАМИ (бюджет айкындуулугунун муниципалдык

индекси) боюнча окууларды өткөрүү зарылчылыгы тууралуу сунуш түштү.

Тренингдин катышуучулары жергиликтүү кеңештин токтомун жарыялоонун жол-жоболору тууралуу маселени көтөрүштү. Мисалы, жергиликтүү кеңештин токтому жарыяланган маалымат тактасын сүрөткө тартып алып, аны облустук юстиция органына берүү жетиштүүбү? Облустук юстиция органы жергиликтүү кеңештин бардык токтомдорун электрондук түрүндө кабыл алалабы? Бул суроолорго Өнүктүрүү саясат институтунун юристи Бектурган ОРОЗБАЕВ мындайча жооп берди: "Жергиликтүү кеңештин токтомуна кол коюлгандан кийин аны айыл өкмөтүндө катташ керек. Б.а., жооптуу катчы күнүн жана номерин коюш керек. Ошондон кийин катталган токтом күчүнө кириши үчүн жарыяланууга тийиш. Жергиликтүү (райондук) гезитте, ЖӨБ органынын сайтында, акимиаттын, губернатордун, ЖӨБЭММАнын сайттарында чыккандан кийин расмий жарыяланды деп эсептелинет".

Эсеп палатасынын текшерүү актыларын жарыялоого карата катышуучуларды бир жагдай тынчсыздандырып турду. Эгерде Эсеп палатасынын (ЭП) текшерүү актысы интернет сайттар аркылуу жарыялана турган болсо, анда ошол маалымат боюнча прокуратура жана башка фискалдык органдар кайрадан текшере башташат. "КР маморгандарынын жана ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, ЖӨБ органдары ЭП текшерүүлөрүнүн жыйынтыктары тууралуу жалпы дайындарды (маалыматты) жарыялай алат. Бирок текшерүү актысынын өзүн жарыялоо зарыл эмес. Анткени Эсеп палатасынын аймактык башкаруу комиссиясында каралмайынча, ЭП текшерүү актысы соңку документ болуп эсептелбейт.

Жергиликтүү жамааттын уставын (ЖЖУ) кабыл алуу тартиби ар бир тренингде эң көп талкууланган тема болуп калды. Дээрлик 80% ЖЖ уставдары формалдуу документ болуп эсептелет. Алар 1996-жылдагы жана 2009-жылдагы жергиликтүү жамааттын эски типтүү уставдарынын негизинде кабыл алынган. Ал эми ЖӨБЭММА 2014-жылдын 3-мартында бекиткен ЖЖУнун жаңы редакциясын тренингге катышкан муниципалитеттердин 20% гана кабыл алган жана иштеп жатат. ЖЖУ боюнча суроолордун көбү административдик санкцияларды (жазапулдарды) салуу процессине тиешелүү болду. Көпчүлүк ЖӨБ органдары жазапулдардын көлөмүн өз алдынча аныктап, сала турганы белгилүү болду. ЖЖ уставы административдик укук бузуулар боюнча кандайдыр бир санкцияларды (жазапулдарды) караштырбаш керек. Бул санкциялар жана укук бузуулардын түрлөрү Административдик жоопкерчилик тууралуу Кодексте каралган. Административдик укук бузууларды АӨ түзгөн комиссия гана карай алат. Анын курамына АӨ кызматкерлери, АК депутаттары, активисттер жана башка жарандар кирет. Ошондой эле ЖЖ Уставына сунуштарды жана өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жол-жоболору, мүчөлүккө кирүү жана андан чыгуу тартиби кеңири талкууга алынып, ЖЖ Уставында иштелип чыккан бардык механизмдер бекем сактала турган атайын мыйзамды кабыл алуу зарылчылыгы тууралуу сунуштар да берилди.

Катышуучулар үчүн актуалдуу тема жергиликтүү кеңештин регламенти болуп калды. Кеңештин депутаттарынын билим деңгээли "аксап жатканы", алар мыйзамдын көпчүлүк нормаларын билбей турганы, туруктуу комиссиялар иштебегендиктен АК сессиясына жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыкпаган чийки маселелер чыгарылып жатканын, бул болсо сессияда кабыл алынган ченемдик укуктук актылардын сапатына терс таасирин тийгизгени тууралуу сөз болду. Жергиликтүү кеңештин көпчүлүк депутаттары өз ыйгарым укуктарын билишпейт, калк менен иштей албайт, калкка отчетту өз убагында бербейт. Ошондуктан жергиликтүү кеңештин депутаттары көпчүлүк учурда көз көрүнө аткарылбай турган чечимдерди кабыл алып, муну менен аткаруучу органды – айыл өкмөтүн туңгуюк абалга кептейт.

## Коррупцияга каршы туруу

Паспорттун индикаторлорунда эң төмөнкү көрсөткүч ЖӨБ системасында "Коррупцияга каршы туруу" (КК) принциби боюнча аныкталды (№2 диаграмма). Болгондо да бул ЖӨБ органынын жана ЖКУ позициясынан аныкталды. Көпчүлүк учурда катышуучулар "Муниципалдык менчиктеги объекттерди башкаруу" бөлүгүндө "минус" коюшкан. Анткени менчиктештириле турган объекттердин, анын ичинде муниципалдык жерлердин жоктугунан менчиктештирүү программасы жок. "Жарандарга ЖӨБнын менчигинде болгон кыймылсыз мүлк объекттери тууралуу маалымат жеткиликтүү" КК-2 индикатору боюнча муниципалдык менчиктеги объекттердин реестри маселеринин тегерегинде талаш-тартыштар көп болду. Тилекке каршы, дээрлик бардык пилоттук муниципалитеттерде ЖӨБ органдарында муниципалдык менчик реестри болгону менен, алар бул маалыматты ачыкташпайт. Бирок Паспорттун индикаторлорунда жергиликтүү жамааттын терс баасынан айырмаланып оң жооп болгон. Эмне үчүн ЖӨБО менен ЖКУ көрсөткүчтөрүнүн ортосунда мындай чоң ажырым болгон деген суроого ЖӨБОнун биринин өкүлдөрү "жергиликтүү жамаат эмне тууралуу сөз болуп жатканын түшүнбөйт" деп ачык жооп берген. Өз кезегинде ЖКУ өкүлдөрү Паспорт индикаторлорундагы ар бир көрсөткүч боюнча баалардын объективдүүлүгү тууралуу ишенимдүү айтышты.

Муниципалдык менчиктеги объекттерди конкурстар аркылуу ижарага же жеке менчикке берүүгө тууралуу сөз болгондо, бардык муниципалитеттер бир жолку учурларды эске албаганда, мындай конкурстар болбой турганын ырасташты. Бирок "муниципалдык менчиктеги бардык объекттерге инвентаризация жүргүзүлгөн беле?" деген суроого эч ким жооп кайтара алган жок. Башкача айтканда,

көпчүлүк муниципалитеттерде ЖӨБ органдары муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу жаатында эч кандай иш алып барган эмес.

Дээрлик бардык муниципалитеттер мамлекеттик сатып алуулар боюнча мыйзамдагы кемчиликтерге даттанышкан. Анткени бардык сатып алууларды тендер боюнча портал аркылуу өткөрүү процесси бир топ убакытты алат. Катышуучулар ири сатып алууларды тендер аркылуу өткөрүүгө макул. Бирок майда нерселер боюнча тендердик сатып алууларды өткөрүү көп убакытты жана күчтү алган ашыкча, керексиз убаракерчилик катары бааланды. Тендерге жергиликтүү компаниялар гана катышса жакшы болмок деген сунуштар киргизилди. Анткени мындай учурда иштер көзөмөлдөнүп, сапаттуу болуп, эгерде бир нерсе болсо жоопко тартуу да жеңил болмок. Же болбосо подрядчылар жана жеткирүүчүлөр сапатсыз иши үчүн жоопко тартыла турган башка катаал мыйзам зарыл. Мисалы, муниципалитеттердин биринде өтө көп каражатка сапатсыз чакан бала бакча курулган. Катышуучулар өз пикирлерин мындайча билдиришти: “Жаңы мыйзамдарды, анын үстүнө мамлекеттик сатып алуулар боюнча мыйзам өңдүү мыйзамды иштеп чыгууда биринчи кезекте бул маселе боюнча кеңири талкууларды өткөрүп, жеринде бардык чоо-жайын жакшы билгендиктен ЖӨБ органдарынын пикирлерин эсепке алып, ошондон кийин гана жаңы мыйзамды иштеп чыгууга жана чечим кабыл алууга киришиш керек”.

КК-7 (“жарандар ЖӨБ органдары өткөргөн конкурстардын жыйынтыктары тууралуу маалыматты www.zakupki.gov.kg порталында алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ”) өңдүү индикатор бир топ талашты жаратты. Анткени колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык, ЖӨБО порталга зарыл болгон маалыматты жайгаштырганы менен, компьютердин жана интернеттин жоктугунан улам калкта да ага жеткиликтүүлүк жок.

Көпчүлүк маселелер муниципалдык кызматка тиешелүү болду. Мисалы, эмне үчүн мамлекеттик кадр кызматы класстык чен үчүн кошумча акыны алуу тууралуу маселени көп убакыттан бери (үч жылдан ашык) карап жатат? КК-14 пункту (“жарандар ЖӨБ органына ишке алуу боюнча конкурстук комиссиянын жыйынтыктары тууралуу билет”) боюнча, кайрадан дайындалган кызматкерлер тууралуу маалымат жарандарга оозеки формада гана берилет. Ошондуктан катышуучулар жаңы адистин кызматка алынганы тууралуу АӨнүн буйругун илип коюу жетиштүү болгонун айтышты. Б.а., комиссиянын протоколун илүүнүн, же протоколдон көчүрмө бөлүктү жарыялоонун зарылчылыгы жок деген пикир айтылды. Жооптуу катчынын ишинин көптүгү тууралуу маселе көтөрүлүп, анын иш-милдеттеринин бир бөлүгүн башка адистерге берүү сунушталды. Мындай сунуштар да айтылды: “укук улантуучу” түшүнүгүн мыйзамдаштыруу керек: АӨ башчысы кызматынан кеткенде ал мүлктү гана эмес, ошондой эле болгон документтерди да туура жана мыйзамдарга ылайык өткөрүп берүүгө тийиш.

## Пайдалар

“КР ЖӨБ органдарынын АОКК принциптери” сессиясынын алкагында катышуучулар үч негизги принциптин – айкындуулуктун, отчеттуулуктун, коррупцияга каршы туруунун пайдасына карата суроолорго жооп бере алышты. Жооптор жандуу, кызыктуу жана актуалдуу болду. Бул жооптор боюнча адамдар азыркы реалдуулукту, жеринде учурдагы социалдык-экономикалык абалды, ачык жана бакубат коомдо, экономикалык жактан туруктуу өлкөдө жашоо үчүн дагы канча нерсе жасаш керектигин канчалык жакшы түшүнө турганын аныктоого болот. Бул көнүгүү ЖӨБ органдарынын ишинде АОКК принциптеринин баарын сактаганда кандай пайда болоорун муниципалитеттерге так аныктоого жардам бергени маанилүү натыйжа болуп калды: ачык-айкын болуу – өз иши тууралуу бардык маалыматты ачыктоо; отчеттуу болуу – өз ишин калктын артыкчылыктарына жараша алып баруу; жарандардын каалоолору аткарылып-аткарылбаганы тууралуу үзгүлтүксүз отчет берип туруу; коррупцияга каршы туруу. Жооптор жалпылаштырылган түрүндө берилип, эки компонентке бөлүндү: 1) экономикалык пайда; 2) саясий жана социалдык пайда.

***Экономикалык пайда:*** бюджеттин айкындуулугу артат, бул болсо жергиликтүү салыктарды көбүрөөк чогултууга жана салыктык эмес төлөмдөр менен жыйындарды чогултуунун натыйжалуулугуна алып келет; даттануулардын жана текшерүүлөрдүн саны азаят; керексиз чыгымдардын саны кыскарат, бюджеттик каражаттар натыйжалуу, максаттуу, үнөмдүү жана туура колдонулат; инвестициялык климат жакшырат, ички жана тышкы инвестициялар тартылат; жеринде бизнес чөйрөсү жана ишкерчилик өнүгөт; өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттары ыкчам аныкталат; жөлөк пулдарды төлөп берүүгө багытталган финансы ресурстары үнөмдөлөт; берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт; ЖӨБ органы кесипкөй башкарылат, АА инфраструктурасы жакшырат; аймактын көйгөйлөрүн даректүү чечүү жана көзгө көрүнөрлүк жыйынтыкка жетүү мүмкүн болот; калктын ресурстарга акыйкат жетүүсү камсыздалат; жергиликтүү жамааттын керектөөлөрү эффективдүү аныкталат.

***Саясий жана социалдык пайда:*** ЖӨБ органдарынын калк алдындагы жоопкерчилиги жогорулайт, жергиликтүү бийлик адамдарга жакыныраак болуп, калктын ишеними пайда болот жана ЖӨБОнун аброю көтөрүлөт; жергиликтүү жана мамлекеттик бийликтин жергиликтүү жамаат менен кызматташтыгы жакшырат; коррупциянын деңгээли азаят; социалдык туруктуулук пайда болуп, социалдык чыңалуунун деңгээли түшөт, митингдердин саны азаят; калктын турмуш деңгээли жакшырып, жакырчылыкты жоюу, экологияны сактоо боюнча иштер жанданат; кадр маселеси чечилет: АК депутаттарынын жана АӨ кызматкерлеринин даражеси өсөт, ЖӨБОго кесипкөй кадрлар, таза адамдар иштегени келет, кадрдык туруктуулук пайда болот

(АӨ аппаратында кадрлардын агымы азайып, жаш адистер тартыла баштайт); көрсөткүчтөр жана чечилген маселелердин сапаты артат; ЖӨБОнун эл аралык долбоорлор жана донорлор менен кызматташуусу жакшырат; калктын активдүүлүгү жана жалпы жамааттын биримдигинин күчтөнүшү жалпысынан мамлекеттин күчтөнүшүнө алып келет; коомдук сектор, анын ичинде жарандык коом уюмдары үчүн мүмкүнчүлүктөр жакшырат; фискалдык органдардын текшерүүсү азаят; кылмыштуулук алдын алынып, деңгээли азаят; калк арасында миграциянын көрсөткүчтөрү түшөт; мыйзамдуулук жана укук тартиби сакталат; адамдар ортосунда өз ара мамилелер жакшырат, калктын интеллект жана маданий деңгээли жогорулайт; чакырылбаган коноктордун саны азаят (курорттук сезон маалында түрдүү маммекемелерден, министрликтерден, ведомстволордон, департаменттерден ж.б. ар кандай коноктор келип, муниципалдык кызматчылар аларды өз чөнтөктөрүнөн акча чыгарып тосуп алышат); паранын зыяны тууралуу адамдарда пикир калыптанат.

## Паспортту колдонуунун келечеги

ЖӨБ органдары жана ЖКУ өкүлдөрү ар бир айылдык аймакта АОКК принциптерин жана механизмдерин жайылтуу боюнча планды биргелешип иштеп чыкканы, анын ичинде муниципалитеттин ишинде маалыматтык ачыктыкты камсыздоо боюнча маалымат өткөргөнү беш айлык тренингдердин эң негизги жетишкендиги болду. Процесстин тараптары 39 муниципалитетте аныкталган коммуникациялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн чараларды иштеп чыгышты, АОКК принциптерин сактоого карата кырдаалды жакшыртуу боюнча ЖӨБ менен жамааттын реалдуу биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты. Айкындуулук паспортунун матрицасын биргелешип толтуруунун жыйынтыгынын негизинде катышуучулар "минус" деген белгини койгон АОКК индикаторлорун жакшыртуу боюнча зарыл болгон бардык кадамдарды так аныктай алышты. Бул сессиянын натыйжасында ар бир Пландын презентациясы жасалып, алар боюнча талкуу өткөрүлүп, эң көп узатылган суроолор төмөнкүлөргө тиешелүү болду: "иш-чара үчүн жоопттуулар" бөлүгүндө АӨ башчысын же АК төрагасын гана көрсөтпөстөн, жумушчу топторду түзүп, айыл башчыны, АӨ кызматкерлерин, ошондой эле жергиликтүү жамааттын лидерлерин тартуу керек. Сайттарды жана маалымат такталарын түзүүдөн тышкары маалыматты жарыялоо процессинин эң жеткиликтүү жана натыйжалуу аспаптарынын бири катары маалымат бюллетенин иштеп чыгууну да пландарга киргизүү зарыл; иш-чараларды аткарууга зарыл болгон акча каражаттары жана аларды каржылоо булактары чагылдырылыш керек; БМжБ тобунун иш планын иштеп чыгууну айыл өкмөттүн планынын негизинде АӨ менен биргеликте жүзөгө ашырыш керек. Мындан тышкары ЖӨБОнун ишинде маалыматтык ачыктыкты камсыздоо максатында катышуучулар так күнү жана мөөнөттөрү белгиленген коомдук угууларды уюштурууга даярдык көрүү жана өткөрүү планын түзүштү. Негизинен муниципалитеттер бюджет долбоору боюнча угууларга даярдоо планын иштеп чыгышты. Бирок такыр башка көкөйгө тийген маселелер боюнча да пландар болду. Алар: калктын ичүүчү сууга, сугат сууга карызы көп болгону, КТК жыйноо жана чыгаруу көйгөйлөрү жана тарифтик саясат боюнча коомдук угуулардын планы боюнча коомдук угууларды даярдоо.

ЖӨБ органдарынын айкындуулукту, отчеттуулукту жана коррупция менен күрөштү күчтөндүрүүгө багытталган дал ушул чаралары Паспортту системалуу түрдө толтуруу өңдүү аспапты колдонуунун маанилүү жыйынтыгы болуп калат. Ошентип Паспорттун алкагында маалыматты жайылтуу боюнча иш-чаралар бир кыйла ийгиликтүү өткөрүлүшү мүмкүн деген ыктымалдуулук жогору. Анткени бардык катышуучулар АОКК принциптери боюнча билим базасынын болушуна чоң кызыгуусун билдиришти. Айкындуулук паспорт 39 пилоттук муниципалитет үчүн ЖӨБ органынын ишинин сапатынын сертификаты гана эмес, ошондой эле айкындуулукту, отчеттуулукту жана коррупцияга каршы турууну күчтөндүрүү боюнча иштин аспабы болуп калат.

## Түз сөз

Майрам РЫСБАЕВА, Сосновка АА айыл өкмөт башчысы: "*Биздин команда тренинг башталган алгачкы күндөн тарта бул теманы талкуулады. Калк менен кандай иштеш керек дегенге көзүбүз ачылгандай болду. Биз сөзсүз түрдө биргелешкен аракеттер планы боюнча иш алып барабыз. Тренингдеги бардык материалдар жакты. Биз үчүн маанилүү болгон маалыматтардын агымы бизди таң калтырды. Биз бул чөйрөдө аз иш жасап жатканыбызды, кайдыгер жана эч нерсеге кызыкпайт деп өз калкыбызды туура эмес айыптап жатканыбызды түшүндүм. Биз аракеттенип жатабыз, бирок айкындуулук маселесин, калкка маалымат берүүгө байланышкан маселелерди чече албай келатабыз. Буга чейин ойлонуп жүрчүбүз, бирок мындан ары радио түйүндү колдонуш керектигин так билем. Маалыматтык бюллетенди чагыруу идеясы абдан жакты. Бул ар бир үй-бүлөгө зарыл болгон маалымат жеткиликтүү түрүндө бериле турган натыйжалуу усул. Биз сөзсүз түрдө Паспортту толтурарыбызга ишенем*".

Абдырашид МОЛДОБАЕВ, Жаңы-Алыш АА айыл өкмөт башчысы: *"Мен АӨ кызматкерлерине Мыйзамдын негизинде бардык болгон зарыл маалыматтарды такталарга илип чыгууну тапшырдым. Паспорттогу коррупция менен күрөш боюнча көрсөткүчтөр тууралуу айта турган болсом, СИЗОго экскурсия уюштуруп, паракорлор менен коррупционерлердин темир тордун артындагы турмушун көрсөтүүнү сунуштайт элем"*.

# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ




# Айылдык ден соолук комитеттери жашоочуларды бюджет жана анда ден соолук детерминанттарынын чагылдырышы менен тааныштырууда

**Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА,** "АДК үнү" Долбоорунун менеджери

GLOBAL PARTNERSHIP FOR SOCIAL ACCOUNTABILITY

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

2016-жылдын 28-мартынан 29-апрелге чейин Талас, Жалал-Абад, Ош, Баткен жана Чүй облустарындагы пилоттук айылдык ден соолук комитеттеринин жана муниципалитеттеринин демилгеси боюнча 2016-жылга жергиликтүү бюджет боюнча маалымат өнөктүктөрү өткөрүлдү.

| Муниципалитет | Маалымат өнөктүгүнүн катышуучуларынын саны |
|---|---|
| Ак-Коргон айылы, Өмүралиев АА (Талас району) | 25 |
| Ынтымак айылы, Шадыкан АА (Бакай-Ата району) | 32 |
| Манас айылы, Кырызстан АА (Манас району) | 32 |
| Кызыл-Кыштак айылы, Масы АА (Ноокен району) | 30 |
| Бешик-Жон айылы, Бешик-Жон АА (Базар-Коргон району) | 52 |
| Орто-Сай айылы, Ленин АА (Сузак району) | 34 |
| Бабыр айылы, Мырза-Аке АА (Өзгөн району) | 25 |
| Савай айылы, Савай АА (Кара-Суу району) | 39 |
| Тескей-Кожоке айылы, Н.Исанов АА (Ноокат району) | 74 |
| Жайылма айылы, Курама АА (Панфилов району) | 29 |
| Сырт айылы, Бирлик АА (Кадамжай району) | 40 |

Маалымат өнөктүктөрүн ЖӨБ органдары менен АДК калкка 2016-жылга жергиликтүү бюджеттеги кирешелер жана чыгашалар булактары тууралуу маалымат берүү, ошондой эле ЖӨБ органдарынын айкындуулугун жана калк алдындагы отчеттуулугун камсыздоо максатында уюштурушту.

Маалымат өнөктүгүнө катышкан жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн ичинен катышуучулардын жалпы саны 412 киши болду (таблицаны караңыз). “Катышуучулардын назарына жергиликтүү бюджеттер инфографика форматында берилди, андагы маалыматтар жөнөкөй жана түшүнүктүү болгону менен айырмаланат, - деп айтты долбоордун менеджери Айнура ЖУНУШАЛИЕВА. – Мындан тышкары иш-чаралардын жүрүшүндө ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү катышуучулардын айылдын муктаждыктарына каражаттарды бөлүштүрүү боюнча, ошондой эле уюштуруучулук мүнөздөгү башка суроолоруна жооп беришти”.

Иш-чаралар “Айылдык ден соолук комитеттеринин үнү жана Кыргыз Республикасындагы айылдык жамааттардын ден соолук детерминанттары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын социалдык отчеттуулугу” Долбоорунун алкагында өткөрүлдү. Бул долбоорду Өнүктүрүү саясат институту жана “Кыргызстан айылдык ден соолук комитеттери” ассоциациясы (АДКА) биргелешип, “Социалдык отчеттуулук боюнча глобалдык өнөктөштүктүн (GPSA-Дүйнөлүк банк) финансылык колдоосу менен ишке ашырып келет".

Майрамбек КОШАЛИЕВ, Талас облусунун Талас районундагы Өмүралиев АА Ак-Коргон айылындагы АДК төрагасы: *“ЖӨБО менен АДК ортосундагы биргелешкен иштер айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн калктын катышуусу менен милдеттүү тартипте чечсе болорун жана чечиш керектигин көрсөттү. АДК калк менен жергиликтүү бийлик ортосундагы көпүрө ролун аткарат. Азыр АДК жергиликтүү бюджет боюнча маалыматты жайылтуу боюнча ЖӨБ органдарына жардамчы деңгээлине жетти”*.

Айти ТОЙЧУЕВ, Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ленин АА айылдык кеңешинин депутаты: *“Бюджет боюнча бул иш-чараны өткөргөн АДКга, АӨ башчысына жана Долбоорго ыраазычылык билдирем. Анткени ал ЖӨБ органдарынын ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун мурдагыдан да көбүрөөк камсыздап жатат. Менин баамымда, маалымат өнөктүгү абдан ийгиликтүү өттү. Өзгөчө жергиликтүү бюджеттин кирешелер жана чыгашалар беренелерин инфографика түрүндө түшүндүрүп берүү ыкмасы абдан жакты. Жашоочулар да четте карап турбай, айылдын турмушуна жигердүү катышса деп каалайт элем”*.

Алибай МАТАЕВ, Ош облусунун Өзгөн районундагы Мырза-Аке АА Бабыр айылынын старостасы: *“Биз жергиликтүү бюджетти пландоо, көйгөйлөрдү жамаат менен чогуу аныктоо жана аларды биргелешип чечүү өңдүү айылдын иш-чараларына катышмайынча маселелерди чече албайбыз. Бүгүн*







*ЖӨБО менен кошо чечкен көйгөйлөрдүн баары келечекте биздин муунга жемишин бере баштайт. Жергиликтүү бюджеттин көбөйүшү өзүбүздөн көз карандуу болгонун, канчалык патриот жана жоопкерчиликтүү болсок, ошончолук өзүбүзгө жакшы шарттар түзүлө турганын түшүнүшүбүз керек”.*

Аман ШАКИРОВ, Баткен облусунун Кадамжай районундагы Бирлик АА Сырт айылынын тургуну: *“Мага жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат берүүнүн ыкмасы жана форматы абдан жакты. Өтө жөнөкөй жана түшүнүктүү болду. АӨ мындан ары да бизге маалымат берип, ал эми бул иште АДК ага жардам берет деп ишенем. Айыл өкмөтүнө ачыктыгы жана айкындуулугу үчүн ыраазычылык билдирем. Бул болсо АӨ бизден жашыра турган эч нерсеси жок экенинен кабар берет. Биз, калк өз кезегинде башчыны жана АДКны алардын оор ишинде колдоо көрсөтүүгө аракеттенебиз”.*

Миталип КАРЫМШАКОВ, Ош облусунун Ноокат районундагы Н.Исанов АА Тескей-Кожоке айылындагы бала бакчанын жетекчиси: *“Буга чейин бюджет боюнча ушундай маалымат өнөктүгү такыр болгон эмес. Долбоордун тренингине катышкандан кийин мен өзгөрдүм, чогулуштарга, жыйындарга, айылдык кеңештин ачык сессияларына катыша баштадым. Жашоону жакшы жакка өзгөртүү үчүн жашоочулардын бардыгы активдүү болуш керек деп эсептейм”.*

# Кызматтарды жакшыртуу үчүн Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын жергиликтүү бийлик органдары техникалык грант алышат

Швейцария Өкмөтү Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы алты айылдык аймакка жана Балыкчы шаарына 1,75 миллион сом бөлдү. Ар бир муниципалитет муниципалдык деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн 250 миң сом көлөмүндө техникалык грант алмай болду.

Бул жардам Швейцария Өкмөтүнүн финансылык колдоосу алдында “Жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун алкагында көрсөтүлдү. Аталган Долбоор “Хельветас Свисс Интеркооперейшн” швейцариялык уюмдан жана Өнүктүрүү саясат институтунан турган уюмдардын консорциуму менен ишке ашырылууда. Долбоор жергиликтүү бийлик органдарына калк үчүн артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча комплекстүү планды иштеп чыкканы менен өзгөчөлөнөт. Жалпысынан долбоор элет жергесинде турмуш шартты жакшыртууга жана таштанды чыгаруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, таза сууга жеткиликтүүлүк өңдүү жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган. Гранттык каражаттардын эсебинен ЖӨБ органдары адистерди тартып, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө инновациялык ыкмаларды сынап көрүп, өз кызматкерлери жана башка кызыкдар жарандар үчүн өз алдынча окууларды өткөрө алат. Өзгөчө көңүл калктын аярлуу катмарларына кызмат көрсөтүүгө бөлүнөт.

Алдыдагы төрт жыл ичинде долбоор калкты сапаттуу кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздоо максатында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облусундагы муниципалитеттер менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барууну пландоодо.

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ



# 17 муниципалитет Швейцария Өкмөтүнөн грант алышты

**Нургуль ДЖАМАНКУЛОВА,**
ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси

**2016-жылдын 20-апрелинде Чүй облусунун 17 муниципалитети жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн гранттык жардам алууга сертификаттарга ээ болушту. Ар бири 1 миллион сомго бааланган сертификаттарды Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин миссия башчысынын орун басары Даниэль МЕВЛИ МОНТЕЛЕОН айым тапшырды.**

Иш-чаранын расмий бөлүгүн ачып жатып, Долбоордун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ конкурстун жеңүүчүлөрүн куттуктап, калк менен иштешүүдө жаңы ыкмаларды колдонгон ЖӨБ органдарынын ийгиликтерине тамшанды. “Биздин Долбоор ЖӨБ органдарына мамлекеттик фиансыны дагы да айкын жана натыйжалуу башкарууга жардам берүү максатын көздөйт. Бул болсо жергиликтүү жамааттын алдында отчеттуулукту күчтөндүрүү жана чечим кабыл алуу процессине жарандарды тартуу аркылуу ишке ашат. Отчеттуулук дегенде ЖӨБ органдарынын айыл жана шаар тургундары айткан жергиликтүү маанидеги көптөгөн маселелерди чечүүсүн түшүнөбүз. Муниципалитеттерге жардам катары Долбоор конкурстук негизде жергиликтүү маанидеги артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн гранттык жардам берет. Бул Долбоор аркылуу Швейцария Өкмөтү ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин жана депутаттарынын билим деңгээлин, өз муниципалитеттериндеги турмушка жашоочулардын катышуу активдүүлүгүнүн даражасын жогорулатуу үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү колдонот. Бул мүмкүнчүлүктөрдү толук көлөмдө колдонуу үчүн сиздин жигердүү катышууңуз зарыл”, - деди ал Чүй муниципалитеттеринин өкүлдөрүнө кайрылууда.

КР Өкмөт аппаратынын уюштуруу-инспектордук иштер бөлүмүнүн жана ЖӨБ секторунун башчысы Жетиген БАКИРОВ өз кезегинде түшкөн долбоордук өтүнмөлөрдү кароодо жана баалоодо айкындуулукту камсыздоо механизмдерин белгиледи. “Биз (конкурстук комиссиянын мүчөлөрү –





макала авторунун кошумчасы) кайсы өтүнмө кайдан түшкөнүн акыр аягына чейин билген жокпуз. Анткени Долбоордун кызматкерлери бизге берген конкурстук материалдардын эч бир жеринде географиясы тууралуу да, анын үстүнө муниципалитеттердин аталышы да жазылган эмес, - деп конкурстук комиссиясынын мүчөсү катары өз тажрыйбасы менен бөлүштү. – Ошондуктан өтүнмөлөрдү баалоодо мүмкүн болушунча калыс болдум. Баалоонун ушундай механизми бардык конкурстарда колдонулушун каалайт элем. Процесс маалында таанышкан маалыматтардан жеринде чоң иштер жасалып жатканын билдим. Куттуктоолорум менен кошо жергиликтүү калктын көйгөйлөрүн чечүүгө чындап багытталган долбоорунарды ийгиликтүү ишке ашырып алууңарды чын жүрөктөн каалайт элем. Муну менен катар биздин өлкөнүн өнүгүүсүнө жардам берген Швейцария Өкмөтүнө – биздин көптөн берки өнөктөшүбүзгө ыраазычылыгымды билдирээр элем".

КР Өкмөтүнө караштуу ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) статс-катчысы ИКРАМОВ Санжар да жергиликтүү өз алдынча башкарууну мамлекеттин негизи катары баалады. "Биз баарыңарды бүгүнкү жеңишиңер менен куттуктайбыз! Мындан ары да ийгиликтер коштоп жүрүшүнө тилектешпиз! Ошондой эле дал ушул секторду – жергиликтүү өз алдынча башкаруу секторун өнүктүрүүдө бизге көп жылдардан бери жардам берип келаткан өнөктөштөрүбүздүн бири КРдагы Швейцария Элчилигине ыраазычылык билдиребиз. Биз сиздерге да ийгиликтерди жана өнүгүүнү каалайбыз!", - деди ал.

"Швейцария бул долбоорго 2011-жылдан бери финансылык жардам корсөтүп келет, - деди КРдагы Швейцария Элчилигинин миссия башчысынын орун басары Даниэль МЕВЛИ МОНТЕЛЕОН айым. – Биздин жардам менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары таза суунун жоктугу, таштанды чыгаруу, мектептердеги начар шарттар өңдүү көйгөйлөрдү чечип, өз жамааттарындагы адамдардын турмушунун бардык шарттарын жакшырта алат деп күтөбүз. Биз Кыргызстандагы өнөктөш жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ийгиликтерин жана жетишкендиктерин көрүп кубануудабыз".

Андан кийин жеңүүчү деп табылган 17 муниципалитеттин башчылары гранттык макулдашууларга кол коюшту. Анда жеңген долбоорлорду ишке ашыруу боюнча келечекте жасалчу иштер сүрөттөлгөн. Миллион алган ЖӨБ органдары реалдуу иштерди баштаганга чейин КР мыйзамдарында жазылган мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүнүн бардык жол-жоболорун аткарыш керек. Анткени гранттык каражаттар жергиликтүү бюджетке тикелей түшөт.

Документке кол койгон Москва районунун Александровка айыл өкмөтүнүн башчысы Шамиль СУШАНЛО өз орун басарын чакырып, "Бул – биздин жалпы ийгилигибиз. Орун басарым болбосо, бул жеңиш да мүмкүн болмок эмес", - деп айтты.

Иш-чарага катышкан айрым муниципалитеттердин өкүлдөрү ыраазычылык сөздөрүн айтып коюу өтүнүчү менен кайрылышты. Чүй районунун Бурана айыл өкмөтүнүн башчысы Мирлан ИБРАГИМОВ Долбоор менен кызматташтыктын тарыхын жана жетишилген ийгиликтерди кыскача баяндап берди: "Биз Долбоор менен биргелешип бир топ иштерди жасадык. Бирок сиздин Долбоор биздин аймакта иштеп жаткан чакта дагы көп нерселерди ишке ашырууга жетишип калышыбыз керек. Жалпы муниципалитетибиздин атынан кошкон салымыңар үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз". Ысык-Ата районунун Юрьевка муниципалитетинин башчысы ЖЕКШЕМБИЕВ Бек да Долбоор менен кызматташуунун оң жактарын белгиледи. "Мен жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү эксперттердин бул командасын сегиз жылдан бери билем, - деп ал сөзүн баштады. – Ушул убакыттан бери алар Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсү үчүн бир топ иштерди жасашты. Биздин муниципалитет Долбоордун Чүй облусундагы максаттуу өнөктөш муниципалитеттердин тизмесине кошулганына кубанычтамын. Бүгүнкү күндө биз көп нерсеге жете алдык. Бул процессте Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгууга өзгөчө басым жасагым келет. Бул План бизге актуалдуу көйгөйлөрүбүздү аныктап чыгууга, аларды артыкчылыктарына жараша бөлүштүрүүгө, аларды чечүү үчүн ресурстарды издөө жолдорун табууга жардам



берди. БАПтын жардамы менен биздин аракеттерибиз системага салынып, ырааттуу өнүгүүгө багыт алдык”.

Башка муниципалитеттердин өкүлдөрү да сөз сүйлөп, Долбоорду, уюмдун өкүлдөрүн – Долбоордун аткаруучуларын – ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн билим деңгээлин жана көндүмдөрүн жогорулатуу боюнча жасап жаткан иштери, өнөктөштүккө карата жасалган бейформал мамиле жана жамааттарда жыйынтыктарга жетишүү үчүн, жалпысынан өлкөдөгү ЖӨБдү колдоо үчүн ыраазычылыгын билдиришти.

Бул багыттагы кийинки иш-аракеттерди Долбоордун гранттар боюнча адиси Султан МАЙРАМБЕКОВ баяндап берди: “Бардык 17 ЖӨБ органдын өкүлдөрү КР Финансы министрлигинин Окуу борборунда мамлекеттик сатып алууларды башкаруу боюнча беш күндүк окуудан өтүшөт. Бүгүнкү күндө бардык 17 муниципалитет өз долбоорлору боюнча конкурсту уюштуруу жана өткөрүү үчүн конкурстук документтерди даярдашууда. Ошондой эле Долбоор ЖӨБ органдарына зарыл болгон ремонттук-курулушка жана Кыргызстандын Чүй облусундагы ушул 17 жергиликтүү жамаатта турмуш шартты камсыздаган инфраструктураны жакшыртуу боюнча башка иштерге байланышкан документтерге техникалык экспертизаны өткөрүүгө жардам берет. ЖӨБ органдарында да, ушул муниципалитеттердин жергиликтүү жамааттарында да, анын ичинде активдүү жашоочуларда да иш көп болот. Алар гранттык долбоорлордун ишке ашырылышына мониторинг жүргүзөт. Ошондой эле бул Долбоорду ишке ашырып жаткан ӨСИнин кызматкерлеринин да иши көп болот”.

| № | Район | Муниципалитеттин аталышы | Долбоордун аталышы | Долбоордун түрү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аламүдүн | Гроздь АА | “Баары өз колубузда” | Гроздь мектебинин материалдык-техникалык базасын жабдуу жолу менен мектептеги билим берүү шарттарын жакшыртуу. Мектеп үчүн эмеректерди, компьютердикжабдууларды, проекторлорду, принтерлерди ж.б. сатып алуу пландалды. |
| 2 | Аламүдүн | Таш-Мойнок АА | “Балдар биздин келечегибиз” | Аймактагы үч бала бакча үчүн жабдууларды жана эмеректерди (отургучтарды, керебеттерди, столдорду, ковролинди, шейшептерди) сатып алуу менен мектепке чейинки билим берүүнүн шарттарын жакшыртуу. |
| 3 | Жайыл | Ак-Башат АА | “Биз таза аймак үчүн” | Атайын техниканы сатып алуу жана КТК жыйноо жана чыгаруу боюнча иштерди уюштуруу аркылуу Ак-Башат айылдык аймагында таштанды тазалоо жана чыгаруу үчүн шарттарды түзүү |
| 4 | Кемин | Боролдой АА | “Суу – бул өмүр” | Суу менен камсыздоо системасын жарым-жартылай оңдоо жана скважинаны ишке берүү жолу менен айыл тургундары таза суу менен камсыздоо |
| 5 | Кемин | Кемин шаарынын мэриясы | “Тазалык – ден соолуктун кепили” | Дизелге иштеген “МАЗ” атайын техникасын сатып алуу жана КТК чыгаруу графигин оптималдаштыруу жолу менен КТК чыгарууну уюштуруу жаатында шарт түзүү; КТК чыгаруу үчүн тарифтер талкууланып, бекитилет |
| 6 | Кемин | Кызыл-Октябрь АА | “Бала бакчанын жыгач терезелерин алмаштыруу” | “Келечек” бала бакчасында эски жыгач терезелерди жаңы пластик терезелерге (62 даана) алмаштыруу менен мектепке чейинки билим берүүнүн шарттарын жакшыртуу |
| 7 | Москва | Александровка АА | “Жакшы жолдор – көп көйгөйлөрдү чечүү жолу” | 1000 м жолго кум төгүп, 36 м суу бургуч трубаларды (диаметри 0,5 м) төшөө менен ички жолдордун абалың оңдоо |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Москва | Биринчи Май АА | "Туура тамактануу – жакшы окуунун кепили" | Мектеп ашканасын зарыл жабдуу менен камсыздоо аркылуу окуучуларды ысык тамак менен камсыздоо үчүн шарттарды түзүү |
| 9 | Панфилов | Фрунзе АА | "Чоң жыйындар залынын капиталдык ремонту" | Көп сандагы адамдардын – жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн катышуусу менен коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн шарт түзүү максатында 500 орундуу жыйындар залына капиталдык ремонт жасоо |
| 10 | Сокулук | Кызыл-Туу АА | "Кызыл-Туу айылында кичи футбол талаасынын курулушу" | 42х22 м көлөмүндөгү кичи футбол талаасынын курулушу |
| 11 | Сокулук | Күн-Туу АА | "Таза жана абатталган аймак" | Атайын техниканы сатып алуу жана атайын техниканынын графигин жана иш тарифин бекитүү жолу менен КТК чыгарууну уюштуруу боюнча шарттарды түзүү |
| 12 | Чүй | Бурана АА | "Балдар биздин келечегибиз" | Калча атындагы мектепти ремонттоо (от жагуучу жайды жана чатырын оңдоо) жана мектептин канализациялык системасын ремонттоо жолу менен мектепте билим берүү шарттарын жакшыртуу |
| 13 | Ысык-Ата | Кочкорбаев АА | "Таза суу – ден соолуктун кепили" | Көлөмү 31 куб м. болгон жаңы суу алгыч мунараны, 80 даана темир бетон плитаны, төрт шамчыракты жана темир тосмону орнотуу жолу менен айыл тургундарын таза суу менен камсыздоо |
| 14 | Ысык-Ата | Узун-Кыр АА | "Суу алгыч мунаранын реконструкциялоо" | Насос станциясын реконструкциялоо, насосторду алмаштыруу жана бактерициддик жабдууну орнотуу жолу менен таза сууга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу |
| 15 | Ысык-Ата | Юрьевка АА | "Маданиятты өнүктүрүү – ийгиликтин кепили" | Маданият үйүнүн имаратын жана анын чатырын оңдоо менен аймак калкынын маданиятын жогорулатуу үчүн шарттарды жакшыртуу |
| 16 | Ысык-Ата | Кең-Булуң АА | "Ден соолук – ийгиликтин кепили" | ҮДТ (үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу) имаратын оңдоо менен медициналык кызмат көрсөтүүлөр үчүн шарт түзүү: жылуулук системасын (аянты 506 кв. м), терезе жана эшик блокторун (102 кв. м) алмаштыруу |
| 17 | Ысык-Ата | Жээк АА | "Айылдын көчөлөрүнө жарык орнотуу" | Пиндюриндер көчөсүндө узундугу 1500 м көчө жарыгын орнотуу жана узундугу 1500 м Ленин көч. жарык системасын капиталдык оңдоо менен турмуш шартты жакшыртуу |



# 2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясы тууралуу

2016-жылдын 10-мартында КР Өкмөтүнүн №116 токтому менен “2016-2019-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү Концепциясы”, ошондой эле ушул Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар Планы бекитилди. Ушул Концепция Кыргыз Республикасында жергиликтүү □з алдынча башкарууну □нүктүрүү жана финансылык борбордон ажыратуу реформаларын ишке ашыруу, мамлекеттик финансыны башкаруу системасын өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2010-жылдын 5-ноябрындагы № 10-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин программасын ишке ашыруу максатында иштелип чыкты. Концепциянын максаты Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын географиялык жайгашуусуна жана аймакты өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө карабастан, жергиликтүү бюджеттерди финансылык ресурстар менен камсыздоо боюнча жагымдуу жана туруктуу шарттарды түзүү болуп саналат.

**Ушул Концепциянын милдеттери:**

а) бюджеттер аралык мамилелерде мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү өркүндөтүү;

**б) Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны ишке ашыруунун алкагында айыл аймактарын жана райондорду ирилештирүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү коомчулук үчүн жүйөөлүү факторлорду түзүү;**

**в) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын жогорулатуу боюнча негизги багыттарды аныктоо;**

**г) республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды каржылоонун натыйжалуу механизмдерин түзүү;**

**д) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн өз кирешелерин көбөйтүүгө жана чыгашаларын оптималдаштырууга түрткү берүүнү калыптандырууга негизделген трансферттик саясатты өркүндөтүү.**

Ушул Концепциянын негизги принциптери:

- бюджеттик процессте мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансы жана кызыкчылыктарынын бирдиктүүлүгү;
- Кыргыз Республикасында бюджеттик саясаттын бирдиктүүлүгү;
- бюджеттик процессти өркүндөтүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына дем берүүгө багытталгандыгы;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ишинин жыйынтыгы үчүн жоопкерчилигин жана отчеттуулугун жогорулатуу.

Ушул Концепцияны ишке ашыруунун алкагында Өкмөттүн токтому менен иш-чаралар планын ишке ашырууга катышкан министрликтер жана административдик ведомстволор, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

- иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө ишке ашырууну камсыздоо боюнча толук чараларды көрсүн;
- жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки жылдын 25-январына чейин Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берсин.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине мониторинг жүргүзүү жана жыл сайын, 5-февралга чейин Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына берип туруу тапшырылды.

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2016-жылдын 10-мартындагы
№ 116 токтому менен
бекитилген

# 2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү КОНЦЕПЦИЯСЫ

**1. Ушул Концепциянын жалпы жоболору жана максаты**

Финансылык борбордон ажыратуу саясатын ишке ашыруунун жүрүшүндө калыптандырылган Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелер системасы кездешкен проблемаларга карабастан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун анык өз алдынчалыгын камсыздоо үчүн жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске талап кылынган негизги талаптарга жалпысынан ылайык келет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясында аныкталган жарандардын укуктарын ишке ашыруу, аймактарды башкаруу жана кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талапты канааттандыруу үчүн базалык шарттар түзүлгөн. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун реформаларын андан ары өнүктүрүү жергиликтүү бюджеттерди натыйжалуу түзүү жана аткарууну камсыздоо үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин жаңы форматын түзүүнү талап кылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процессти өнүктүрүү боюнча жаңы шарттар зарыл, бул 2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясында (мындан ары - Концепция) чагылдырылган.

Ушул Концепция төмөнкү улуттук мамлекеттик стратегиялык документтерге: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2013-жылдын 18-декабрындагы №3694-VI токтому менен бекитилген 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү боюнча Программага жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2015-жылдын 5-ноябрындагы №10-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин программасына ылайык иштелип чыккан.

Концепциянын максаты Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын географиялык жайгашуусуна жана аймакты өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө карабастан, жергиликтүү бюджеттерди финансылык ресурстар менен камсыздоо боюнча жагымдуу жана туруктуу шарттарды түзүү болуп саналат.

Ушул Концепциянын милдеттери:

а) бюджеттер аралык мамилелерде мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү өркүндөтүү;

б) Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны ишке ашыруунун алкагында айыл аймактарын жана райондорду ирилештирүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү коомчулук үчүн жүйөөлүү факторлорду түзүү;

в) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын жогорулатуу боюнча негизги багыттарды аныктоо;

г) республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик программаларды каржылоонун натыйжалуу механизмдерин түзүү;

д) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн өз кирешелерин көбөйтүүгө жана чыгашаларын оптималдаштырууга түрткү берүүнү калыптандырууга негизделген трансферттик саясатты өркүндөтүү.

Ушул Концепциянын негизги принциптери:

- бюджеттик процессте мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансы жана кызыкчылыктарынын бирдиктүүлүгү;
- Кыргыз Республикасында бюджеттик саясаттын бирдиктүүлүгү;
- бюджеттик процессти өркүндөтүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына дем берүүгө багытталгандыгы;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ишинин жыйынтыгы үчүн жоопкерчилигин жана отчеттуулугун жогорулатуу.

## 2. Ушул Концепцияны кабыл алуунун өбөлгөлөрү

Кыргыз Республикасында финансылык борбордон ажыратуу боюнча реформалардын башталышы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери жөнүндө», «Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын кабыл алуу менен байланышкан.

«2007-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бюджеттер аралык мамилелердин төмөнкүдөй жоболорго негизделген жаңы форматы белгиленген:

- облустук жана райондук бюджеттерди жокко чыгаруучу эки деңгээлдүү бюджет системасын киргизүү;
- облустун, райондун, шаардын жана айыл аймактарынын деңгээлинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин сарптоо милдеттенмелерин чектөөлөрдү белгилөөнү баштоо;
- бюджеттин ар бир деңгээли үчүн киреше булактарын бекитүү;
- жергиликтүү бюджеттин каражаттарын республикалык бюджетке алууга тыюу салуу;
- мамлекет кепилдеген минималдык чыгашаларды жабуу үчүн аймактардын бюджеттик камсыздалышын теңдөө.

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңы системасы шексиз түрдө позитивдүү мүнөзгө ээ болгон. 2007-жылда эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздүк кирешелеринин өсүшү 30,5%ды түздү, ошол эле учурда теңөөчү гранттардын көлөмү 75,4%га азайган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жергиликтүү бюджеттерди өнүктүрүүгө жана учурдагы проблемалар боюнча жарандардын суроо-талаптарын ишке ашырууну камсыздоого умтулуу пайда болгон. Ошону менен бирге, республикалык бюджеттен дотациялык көз каранды жана өздүк ресурстары чектелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына колдоо көрсөтүү зарылдыгы райондук бюджеттерди кайра түзүүнү талап кылган. Райондук бюджеттердин, анын ичинде шаарлардын жана айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттеринде мурда бекитилген булактардын эсебинен, киреше булактары аныкталган, бул финансылык борбордон ажыратуунун өнүгүүсүндө белгилүү бир солгундоого алып келди. 2008-жылдан 2012-жылга чейинки мезгил дотациялык айыл аймактардын 320дан 393кө чейинки өсүшү менен, ошондой эле теңөөчү гранттардын 141,1 млн. сомдон 948,8 млн. сомго чейинки өсүшү менен мүнөздөлгөн.

2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгилде бюджеттер аралык мамилелер системасы реформалардын биринчи этабында белгиленген принциптерге ылайык кайрадан өзгөртүлгөн. Жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүү системасы жергиликтүү бюджеттердин бардык топтору үчүн бирдиктүү болуп калган, жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалы жогорулаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына салыктардын өзүнчө түрлөрүн башкарууну өткөрүп берүү башталган.

Ошону менен бирге эле, акыркы жылдарда туруктуу мүнөзгө ээ болгон жана өнүктүрүүнүн жергиликтүү программалары түрүндө белгиленген жарандардын суроо-талабы менен калкты социалдык мобилизациялоонун алкагындагы демилгелердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын анык потенциалынын ортосунда азыркы учурга чейин ажырым бар экендиги байкалууда. Бул ажырым дотациялык айыл аймактарда жана айрым шаарларда өзгөчө сезилет. Жогоруда аталган топ үчүн бюджеттеги болгон ресурстар минималдуу чыгымдарды гана жапкан практика учурдагы мезгилдин талаптарына жооп бере албайт. Кырдаал айрым жетиштүү жана дотациялык шаарлар жана айылдык аймактардын ортосундагы киреше базасында болгон ажырым менен андан ары тереңдейт. Акыркы жылдарда киреше потенциалынын өсүшү олуттуу деңгээлде экономикасы бир кыйла өнүккөн шаарларга, райондук борборлорго жана айыл аймактарына тийиштүү болду.

Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны ишке ашырууда пайда болушу мүмкүн болгон тобокелдиктер олуттуу кооптонууларга алып келүүдө. Сөз айыл аймактарын жана райондорду ирилештирүүгө түрткү берүүчү факторлор катары, ошондой эле айрым айыл аймактарынын киреше потенциалынын жоготууларын компенсациялоочу факторлор жөнүндө дагы болуп жатат.

Кыргыз Республикасында борбордон ажыратуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу реформаларын өнүктүрүү финансылык ресурстардын адекваттуу толтурулушу менен коштолбой тургандыгына байланышкан олуттуу тобокелчиликтердин болушу бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндөгү негизги проблема болуп саналат.

Коомдо социалдык чыңалуунун келип чыгышы, ишке ашырылып жаткан реформалардан көңүл калуу бул проблеманын кесепети болуп калышы мүмкүн.

Жогоруда аталган проблема төмөнкүдөй себептер менен мүнөздөлөт:

а) бюджеттер аралык мамилелердин азыркы системасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын бюджеттик процесстин натыйжалуулугун жогорулатууга толук түрдө жүйөлөбөйт;

б) жергиликтүү бюджеттин орто мөөнөттүү болжолун калыптандыруу практикасы жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн перспективасын чагылдырбайт;

в) жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү объективдүү экономикалык жана статистикалык көрсөткүчтөр менен камсыздалбайт, бул жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн негиздүүлүгүн төмөндөтөт;

г) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалы бюджеттик процессти өркүндөтүү боюнча милдеттерди аткарууга толук жооп бербейт.

### 3. Жергиликтүү деңгээлде бюджеттер аралык мамилелерди жана бюджеттик процессти өнүктүрүүнүн негизги багыттары

Бюджеттер аралык мамилелердин жаңыртылган системасы бюджеттик укуктук мамилелер жана бюджеттик процесс боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын вертикалдуу жана горизонталдуу өз ара аракетинин гармониялуу айкалышына негизделүүгө тийиш.

Өз ара аракеттенүүнүн вертикалдуу деңгээли төмөнкүдөй милдеттерди өзүнө камтыйт:

а) жалпы мамлекеттик салыктарды бөлүүнүн үлүштөрүн бөлүштүрүүдө, трансферттик саясатты калыптандырууда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылык балансын сактоо;

б) административдик-аймактык реформаны ишке ашыруунун алкагында бюджеттик укуктук мамилелердин жаңы шарттарын калыптандыруу;

в) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык органдары, анын ичинде теңөөчү гранттарды алуучулар өнүктүрүү бюджеттерин калыптандырууга умтулуучу шарттарды түзүү;

г) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын жана сарптоо милдеттенмелерин чектөө боюнча иштерди аяктоо;

д) өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоо механизмдерин иштеп чыгуу.

Жогоруда аталган багыттар жергиликтүү бюджеттерди бекемдөө боюнча жалпы максатка жетишүүнү байланыштырып, комплекстүү чечилүүгө тийиш.

Өз ара аракеттенүүнүн горизонталдуу деңгээли жергиликтүү деңгээлде бюджеттик процесске жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан тышкары мамлекеттик органдарды тартуу боюнча милдеттерди өзүнө камтыйт.

Горизонталдык деңгээлде жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын андан дагы үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу үчүн муниципалитеттер аралык кызматташтыкты, анын ичинде бюджеттик чөйрөдө өнүктүрүү зарыл. Өз ара аракеттенүү региондорду өнүктүрүүдө акыркы натыйжаларга жетишүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик органдардын өнөктөштүгүнө жана өз ара жоопкерчилигине негизделүүгө тийиш.

#### § 3.1. Бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү

Бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү боюнча иштер аны ушул Концепциянын жоболоруна ылайык келтирүүгө негизделет. Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын алкагында, баарынан мурда мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүүнү аныктаган тармактык мыйзамдарда бюджеттер аралык мамилелер чөйрөсүндө карама-каршылыктарды алып салууга жана бирдиктүү мамилени иштеп чыгууга көңүлдү буруу зарыл.

Ушул Концепциянын алкагында бюджеттер аралык мамилелерди андан ары өнүктүрүү бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүүгө багытталган жаңы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну талап кылат.

#### § 3.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын киреше потенциалын жогорулатуу

Бюджеттердин деңгээлдери боюнча жалпы мамлекеттик салыктарды негизделген бөлүштүрүү жана өркүндөтүлгөн трансферттик саясат жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын жогорулатуу бөлүгүндө ушул Концепциянын артыкчылыгы болуп саналат.

Салыктын тигил же бул түрүн жергиликтүү бюджеттердин пайдасына бөлүүнүн негиздүүлүгүнө жүргүзүлгөн талдоонун маалыматтары жергиликтүү бюджеттердин курамында киреше салыктарынын түзүмү боюнча чечимдерди кабыл алуунун негизи болот. «Бир салык-бир бюджет» принциби негиз катары кабыл алынат. Жергиликтүү бюджеттердин пайдасына 100%га чейин киреше салыгын бөлүштүрүүнүн үлүшүн этабы менен көбөйтүүнүн мүмкүндүгүн кароо зарыл, бул сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн салыктардын күтүлгөн туруксуз келип түшүүлөрдүн, ошондой эле аны колдонуунун деңгээлинин төмөндөшүнүн шарттарында маанилүү. Жергиликтүү бюджеттердин топтору боюнча тең бөлүштүрүлгөн киреше салыгын бөлүштүрүүнүн үлүшүн жогорулатуу жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалынын өсүшү бөлүгүндө, ошондой эле жергиликтүү бюджеттердин тобокелдигинин алдын алуу жана кирешелеринин көлөмүнүн төмөндөө бөлүгүндө позитивдүү ролду ойнойт. Жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын жогорулатуу, ошондой эле пайдалуу казылма кендерди кыйла натыйжалуу пайдалануу максатында жергиликтүү бюджеттин пайдасына жер казынасына (роялти) салыкты бөлүүнүн үлүшү 100%га чейин көбөйөт.

Бюджеттик теңөөнүн жаңыртылган системасы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бюджеттик камсыздуулукту жабууга кошумча каражаттарды берүүгө тийиш. Дотациялардын бар экендигине карабастан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бардык органдарында өнүктүрүү бюджеттеринин болушу бул өзгөртүүлөрдүн натыйжасы болуп калат.

Жергиликтүү бюджеттердин киреше курамында теңөөчү гранттын болушу муниципалитеттин «жакырчылыгынын» белгиси болбоого тийиш. Бюджеттик жетишсиздикти теңөө үчүн жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөрүнө та-

янган жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалынын эсептери негиз болуп калууга тийиш. Мындай ыкма жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кирешелерди жыйноону жогорулатууга жүйөлөйт жана алардан чыгашаларды минималдаштырууну талап кылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сарптоо милдеттенмелеринин көлөмдөрүн көбөйтүүгө таасир берген Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары кабыл алынган учурда жогору турган деңгээлден төмөн турган деңгээлге берилүүчү каражаттарды берүүнүн тартибин өзгөртүү бөлүгүндө колдонуудагы бюджеттик мыйзамдарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилет. Жетиштүү айыл аймактары үчүн жогоруда аталган трансферттин көлөмдөрүн жыл сайын этабы менен азайтуунун тартиби белгиленет, бул алардын дотациялык статуска киришинин тобокелчиликтерин олуттуу азайтат.

**§ 3.3. Административдик-аймактык реформалардын алкагында бюджеттик укуктук мамилелер**

Ыктыярдуу биригүүнү каалагандыгын билдирген айыл аймактары үчүн төмөнкүдөй түрткү берүүчү факторлор түзүлөт:

а) биригүү жол-жоболоруна байланышкан мүмкүн болгон чыгымдар компенсацияланат;
б) жаңы административдик чектерде айыл аймактарынын киреше потенциалынын мүмкүн болгон жоготуулары компенсацияланат;
в) жаңыланган аймактардын өзгөчөлүктөрүн эске ала турган бюджеттер аралык трансферттерге жаңы мамилелер колдонулат.

**§ 3.4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процессти өркүндөтүү**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик процесс шаарлардын жана айыл аймактарынын өнүгүү программаларын натыйжалуу ишке ашырууну камсыздоого тийиш. Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстери мыйзамдардын ченемдерине жана мезгил талаптарына максималдуу толук бойдон ылайык келүүчү шарттарды түзүү зарыл.

Жергиликтүү бюджеттерди түзүү процессин программалык негизге этап менен өтүшүн камсыздоо зарыл, мында бюджеттик процесстин натыйжалуулугу жергиликтүү өнүгүү программаларынын конкреттүү жыйынтыктарына жетишүү аркылуу бааланат.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин өсүшү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачыктыгынын, отчеттуулугунун жана жоопкерчилигинин механизмдерин институтташтыруу менен бир убакта коштолот. Бюджеттик маселелер боюнча калк алдында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын отчеттуулугун жана жарандардын муктаждыктарына айрыкча ылайыктуулугун камсыздоо максатында жергиликтүү бюджет боюнча коомдук угууларды өткөрүү, жергиликтүү бюджеттин, бекитилген жергиликтүү бюджеттин жана аны аткаруу тууралуу отчеттун долбоорун басып чыгаруу үчүн укуктук негизди калыптандыруу зарыл.

Ушул Концепциянын негизги жоболору төмөнкүлөр:

а) Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу маселелери боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин бирдиктүүлүгүн камсыздоо. Жергиликтүү бюджеттердин экономикалык жана статистикалык көрсөткүчтөрү боюнча бирдиктүү маалыматтык базасын түзүү жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн түзүүдө ишенимдүүлүктү жана негиздүүлүктү жогорулатат. Мында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандыруу үчүн ишенимдүү маалыматтарды берүүгө мамлекеттик органдар жоопкерчиликтүү болгон жана жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн натыйжалуу аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тең жоопкерчилик тарткан шарттарды жана ченемдик укуктук акт менен бекитилген шарттарды түзүү жана аракеттерди регламенттештирүү зарыл. Адам факторунун таасири жана ага ылайык жергиликтүү бюджеттин параметрлеринин контролдук көрсөткүчтөрүн аныктоодо коррупциялык тобокелдиктер кыйла азаят.
б) Аймактык деңгээлде мамлекеттик программаларды жана жергиликтүү өнүктүрүү программаларын республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен каржылоо боюнча координацияланган аракеттердин зарылдыгы. Ушул Концепцияны ишке ашыруунун алкагында, административдик-аймактык реформаны республикалык бюджеттин финансылык ресурстарын топтоодон баш тартууну жана финансылык борбордон ажыратуу процесстеринин гармониялуу айкалышын камсыздоо зарыл. Жергиликтүү бюджеттен каржылоону айкалыштыруу менен өнүктүрүүнүн тармактык мамлекеттик программаларын ишке ашыруу үчүн региондук деңгээлде түзүлгөн республикалык бюджеттин каражаттары жалпысынан региондун өнүгүүсүнө жана жарандардын жашоо турмушунун сапатынын жогорулашына таасирин тийгизет. Мындай ыкманын негизин - мамлекеттик органдардын аймактык бөлүктөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнөктөштүк мамилелери түзөт.
в) Жаңыртылган формат боюнча республикалык бюджеттен кошумча максаттуу каржылоо аркылуу аймакты өнүктүрүү боюнча жергиликтүү коомчулуктардын демилгелерин колдоо. Жакынкы жылдарда өнүктүрүү программаларын ишке ашырууга жарандарды тартуу процессине түрткү берүү максатында үлүштүк (дем берүүчү) гранттарды жана реги-

ондорду өнүктүрүү фонддорунун каражаттарын берүүнүн жаңы формаларын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер активдештирилет. Коомчулуктар тарабынан демилгеленген чыныгы артыкчылыктуу долбоорлорду ишке ашырууга басым жасалат. Мындан тышкары өзгөчө маани үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын каражаттарын чыгымдоонун натыйжалуулугуна жана биринчи кезекте инфраструктуралык объекттерди оңдоо, реконструкциялоо жана жаңыдан курууга берилет.

г) Салыктык кирешелерди максималдуу мобилдештирүү максатында салыктык укуктук мамилелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын ишке ашырууну камсыздоо.

Кызыкдар тараптардын координацияланган аракеттери салыктык укуктук мамилелерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын ишке ашырууну камсыздайт. Натыйжага жетишүү төмөнкүдөй факторлорго негизделет:

- салык кызматтары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн салыктарды жыйноо боюнча болжолдогу көрсөткүчтөрдү аткарууга умтулууга;
- бизнеске салыктарды төлөө боюнча ыңгайлуу шарттарды түзүүгө;
- жергиликтүү бюджеттин кирешелерин көбөйтүү мүмкүндүгүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүүгө.

Салыктык эмес төлөмдөрдү, биринчи кезекте жайыттарды пайдалануу, таштандыларды ташып чыгаруу жана утилдештирүү үчүн жыйымдар, административдик айыптар жана башкаларды жыйноо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн жана ыйгарым укуктарын кеңейтүүчү ченемдик укуктук актылар кабыл алынат.

д) Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коммуникацияларынын жана финансылык отчеттуулугунун электрондук форматын жайылтуу.

Финансылык документтерди макулдашууну жана отчетторду кабыл алууну андан ары автоматташтыруу жана электрондук форматка өткөрүү жалпысынан бюджеттик процесстин сапатын жогорулатат, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин иш убактысын оптималдаштырууга шарт түзөт жана коррупциялык тобокелдиктерди азайтууга олуттуу деңгээлде таасирин тийгизет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары заманбап маалыматтык технологиялардын жардамы аркылуу этап менен отчеттуулукту түзүүнүн жана тапшыруунун электрондук форматын киргизүү боюнча керектүү программалык камсыздоо жана жабдуулар менен камсыздалат.

## 4. Күтүлгөн натыйжалар

Ушул Концепциянын негизги багыттарын ишке ашыруу Кыргыз Республикасында финансылык борбордон ажыратууну андан ары өнүктүрүү боюнча орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттерди комплекстүү чечүүгө мүмкүндүк берет. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана региондук өнүктүрүүнүн реформалары финансылык толуктоону алышат.

Бардык шаарлар жана айыл аймактары өнүгүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү алышат, калк жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары натыйжаларга жетишүүгө умтулууга аракеттенишет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү коомчулуктар административдик-аймактык реформалардын алкагында аймактарды ирилештирүүгө кызыкдар болот, бул мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатат.

Ушул Концепцияны ишке ашыруунун маанилүү ийгиликтүүлүк индикаторлору белгиленген:

а) сандык индикаторлор:

- дотациялык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саны;
- жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалынын өсүш темпи, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин өздүк кирешелеринин өсүшү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнүгүү программаларын ишке ашыруунун көрсөткүчтөрү (пландан %);
- инвестициялык кирешелердин өсүш темпи;
- бириккен жаңы айыл аймактарынын саны;

б) сапаттык индикаторлор:

- социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн статистикалык маалымат базасы бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саны (сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча аныкталат);
- көрсөтүлгөн кызматтардын сапатына калктын канааттануусунун өсүшү;
- жергиликтүү бюджетти өз алдынча пландаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын саны (сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча аныкталат).

## 5. Концепцияны ишке ашыруунун механизмдери

Ушул Концепцияны ишке ашыруунун туруктуу механизмдеринин болушу аны ишке ашыруудагы ийгиликтин фактору болуп саналат. Ушул Концепциянын этаптарын ишке ашыруу боюнча аракеттерди жалпы координациялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жүргүзүлөт.

Ушул Концепциянын багыттарын ишке ашырууга тийиштүү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, эксперттик коомчулук тартылат. Техникалык жардамды көрсөтүү бөлүгүндө эл аралык донордук уюмдардын катышуусу жогорку мааниге ээ болот.

Ушул Концепцияны ишке ашыруунун индикаторлору мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин көрсөткүчтөрүн аныктоодо эске алынат.

M

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

**Даярдаган: Бектурган ОРОЗБАЕВ**

## Аксакалдар соту тууралуу

2016-жылдын 19-апрелинде Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек АТАМБАЕВ "Аксакалдар соту жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2016-жылдын 10-мартында кабыл алган. Бул мыйзамдын максаты аксакалдар сотторуна мурда булганбаган, жүрүм-туруму үлгүлүү адамдардын киришине мүмкүнчүлүк ачуу, ошондой эле соттордун ишин камсыз кылуу үчүн тийиштүү материалдык-техникалык шарттарды түзүү болуп саналат.

Мисалы, Мыйзамда төмөнкүлөр каралды:

- колдонуудагы Мыйзамдын 9-беренесинин 1-бөлүгүндөгү аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө кошумча талап кошулду, ага ылайык мындан ары аксакалдар сотуна соттуулугу жок жарандар гана шайлана алышат;
- колдонуудагы Мыйзамдын 29-беренеси жаңы редакцияда баяндалат: эми аксакалдар соту салган жазапулдар жергиликтүү бюджетке чегерилип, анын 70 пайызы аксакалдар сотунун ишин камсыз кылууга багытталат.

## Салыктар тууралуу

2016-жылдын 22-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Кол коюлган Мыйзам "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүнүн 12-пунктунун нормаларын КР Салык кодексине шайкеш келтирүү максатында кабыл алынды.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүнүн 12-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына салык салуу бөлүгүндө берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктарына салыктарды, алымдарды жана камсыздандыруу төгүмдөрү жыйноо гана кирет.

КР Салык кодексинин 52-1-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун алкагында төмөнкүлөргө укуктуу:

1) салык жыйноо (мүлк салыгы, жер салыгы, ыктыярдуу патенттин негизинде салык жана милдеттүү патенттин негизинде салык);

2) ушул Кодекстин 93-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-5-пункттарына ылайык, салык контролун өткөрүүгө (рейддик салык контролу жана салык постун белгилөө);

3) салыктык мыйзамдарды бузууларды четтетүүнү талап кылууга жана көрсөтүлгөн талаптарды аткарууну контролдоого;

4) салык кызматынын органдарынан жана салык салуунун жана салык боюнча салыктык милдеттенмелерди чегерүү объекттерине байланышкан башка мамлекеттик органдардан маалыматты алууга;

5) Салык контролун Салык кодексинде аныкталган тартипте жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө документтердин көчүрмөсүн салык төлөөчүдөн алууга;

6) материалдарды мыйзамдарга ылайык укук коргоо органдарына берүүгө, ошондой эле сотко доо берүүгө.

Мындан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Салык кодексинин 108-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1 жана 3-пункттарында каралган салык мыйзамдарынын талаптарын сакталышына рейддик салык контролун жүзөгө ашырат (салык төлөөчүнүн салык органындагы салыктык жана эсептик катталуу фактысын; салык төлөөчүнүн патенттик негизде салык төлөөсүн жана физикалык көрсөткүчтөрүн текшерүү).

Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларга тийиштүү мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген учурда төмөнкүлөргө укуктуу:

- салык контролун жүзөгө ашырууда салык төлөөчүдөн салыктын жогоруда көрсөтүлгөн түрлөрү боюнча салык төлөгөнү боюнча документтерди берүүгө;
- банк мекемелери болбогон алыскы жана жетүүгө кыйын болгон калктуу конуштарда салык төлөөчүлөрдөн КР Өкмөтү белгилеген тартипте

салык үчүн төлөнгөн накталай акча каражаттарын кабыл алууга.

Жогоруда көрсөтүлгөн ыйгарым укуктардан тышкары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мындан ары КР Административдик жоопкерчилик тууралуу кодексинин 534-1-беренесине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынан мыйзам талаптарын аткарбаганы үчүн административдик жазапулдарды салууга укуктуу.

Буга байланыштуу кабыл алынган Мыйзам менен салыктык укуктук мамилелер чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аларга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды толук кандуу аткаруусу үчүн алардын ыйгарым укуктарын кеңейтүү каралган.

# Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын өнүктүрүүнүн 2026-жылга чейинки стратегиясы тууралуу



2016-жылдын 28-мартында КР Өкмөтүнүн №155 токтому менен "Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын өнүктүрүүнүн 2026-жылга чейинки стратегиясы", ошондой эле ушул Стратегияны ишке ашыруу Планы бекитилди.

Ушул Стратегия Кыргыз Республикасынын калкын таза суу менен камсыздоо, саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын жакшыртуу, ошондой эле 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында иштелип чыкты жана кабыл алынды.

Бул токтом менен КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы менен, 1-августтан жана 1-февралдан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Планды аткаруунун жүрүшү тууралуу жалпыланган отчетту берүү тапшырылды.

Стратегия Дүйнөлүк банктын колдоосу менен, Миң жылдыктын өнүктүрүү максаттарын ишке ашыруу, 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын аткаруу максатында иштелип чыккан.

Стратегия суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга, башкы проблемаларды чечүүгө, келечектүү багыттарды аныктоого, тийиштүү министрликтердин, административдик ведомстволордун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын аныктоого багытталган.

Бул Стратегияда негизги түшүнүктөр пайдаланылат. Мында "суу менен камсыздоо" керектөөчүлөрдү жана башка пайдалануучуларды сапаттуу ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз, зарыл болгон өлчөмдө, коопсуздуктун санитардык талаптарына ылайык камсыздоо боюнча иш-чаралардын жыйындысы катары аныкталган.

"Саркынды сууларды чыгаруу" түшүнүгү - үй чарбаларынын жана өнөр жай ишканаларынын аймагынан саркынды сууларды калктуу пункттар үчүн коопсуз жана анын айлана-чөйрөгө кайтып келишинде суунун сапатынын стандарттарына жооп берүүчү ыкма менен чыгарууну камсыздоочу иш-чаралардын жана техникалык объекттердин жыйындысы.

Азыркы мезгилде республикалык бюджетте бул секторго капиталдык салым жумшоо үчүн жетиштүү каражат жок, андыктан келечекте эл аралык донорлордун колдоосу зарыл болот.

Суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун абалынын деңгээлин көтөрүү үчүн керектүү инвестициялардын болжолдуу көлөмү алдын ала болуп эсептелет. Көз карандысыз тышкы эксперттердин жана улуттук эксперттердин баалоосу боюнча айылдык калкты суу менен камсыздоону жакшыртуу үчүн керектүү инвестициялардын көлөмү 26 млрд. 420 млн. сомдон ашык (1-таблица).

Бул Стратегияга ылайык 2026-жылга чейин республиканын 425 айылында суммасы 8 млрд. 882 млн. сомду түзгөн суу түтүктөрүн (2-таблица), ошондой эле 27 райондук борбордо суммасы 4 млрд. 048 млн. сом болгон саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын куруу жана реабилитациялоо боюнча иштерди аткаруу каралууда.

Шаарларды суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ишканаларынын баштапкы эсептөөлөрүнө ылайык республиканын шаарларынын (Бишкек жана Ош шаарларынан башкалары) суу менен камсыздоо тутумдары үчүн керектүү инвестициялардын көлөмү 9,79 млрд. сомдон ашат.

Айылдарда суу менен камсыздоо тутумдарынын жакшыртылышы саркынды сууларды чыгаруу проблемасын курчутту жана саркынды суулардын көбөйүшүнө алып келди, ал эми суу булактарынын андан ары булганышын болтурбоо үчүн тазалоо жана зыянсыздандыруу маселелери техникалык чечимди талап кылат. Тармактык адистердин эсеби боюнча айыл жеринде суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу инфратүзүмү үчүн керектүү инвестициянын көлөмү 64,7 млрд. сомдун тегерегин түзөт.

Жогоруда айтылгандардын негизинде жана учурдагы абалды эске алуу менен 27 райондук борбордо саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын курууну жана реабилитациялоону караштыруу зарыл. Тармактык адистердин баштапкы эсептөөлөрү боюнча, ушул калктуу конуштарда саркынды сууларды чыгаруу тутумдарын куруу жана реабилитациялоо үчүн керектүү сумма 4 млрд. 048 млн. сомду түзөт.

***1-таблица. Айылдык суу тутумдарын курууга жана реабилитациялоого керектүү инвестициянын жалпы болжолдуу көлөмү***

| Иш-чаралар | Айылдардын саны (бирдик) | Айылдардын жалпы санынан % | Бир айылга эсептелген наркы (млн. сом) | Керектүү инвестициянын жалпы суммасы (млрд. сом) |
|---|---|---|---|---|
| Азия өнүктүрүү банкы жана Дүйнөлүк банк тарабынан каржылануучу реабилитациялык жумуштар жүргүзүлгөн айылдар (долбоорлордун алкагында курулган/реабилитацияланган объекттер) | 553 | 30,19 | | |
| Жаңы тутумдарды куруу талап кылынган айылдар | 657 | 36,40 | 25,1 | 16,49 |
| Тутумдарды реабилитациялоо талап кылынган айылдар | 595 | 33,41 | 16,7 | 9,93 |
| Бардыгы: | 1805 | 100 | 41,8 | 26,42 |

***2-таблица. 2026-жылга чейин айылдарды суу менен камсыздоо тутумдарын курууга жана реабилитациялоого керектелүүчү инвестициянын жалпы көлөмү, бир айылга орто эсеп менен 20,9 млн. сомдон (облустар боюнча)***

| Облустардын аталышы | Айылдардын саны | | Бир айылга наркы (млн. сом) | Жалпы суммасы (млн. сом) |
|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | 2026-жылга чейин куруу жана реабилитациялоо керек | | |
| Баткен | 191 | 61 | 20,9 | 1274,9 |
| Жалал-Абад | 409 | 104 | 20,9 | 2173,6 |
| Ысык-Көл | 176 | 55 | 20,9 | 1149,5 |
| Нарын | 134 | 36 | 20,9 | 752,4 |
| Ош | 474 | 93 | 20,9 | 1943,7 |
| Талас | 90 | 25 | 20,9 | 522,5 |
| Чүй | 331 | 51 | 20,9 | 1065,9 |
| Бардыгы: | 1805 | 425 | 20,9 | 8882,5 |